
Абдураимова З.С

# БАЛАНЫ МЕКТЕПКЕ ДАЯРДООДО ҮЙ БҮЛӨНҮН РОЛУ



Ош-2000

ББК 74.90
А-13

ОГПИнин Окумуштуулар Кеңешинде талкууланып, бекитилди жана басмага сунушталды.2000-жыл,14-июль. №10-токтом.

Жооптуу редактор: Педагогика илимдеринин доктору, профессор ХАСАНОВ Т.Х.
Рецезенттер: Педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Б.АПЫШ.
Педагогика илимдеринин кандидаты, доцент ЭРГЕШОВ С.Э

АБДУРАИМОВА З.С.
А-13 Баланы мектепке окууга даярдоодо үй-бүлөнүн ролу. Ош-2000.108 б.

ISBN 9967-9006-1-X

Сүрөтчү: Осмонов Б.А.

Китеп үй-бүлө педагогикасы курсу боюнча алгачкы ирет даярдалган окуу куралынын бир бөлүгү. Анда баланы мектепке даярдоо маселелери, мектепке чейинки жана кенже мектеп жашындагы балдардын таанып билүү процесстерин өнүктүрүү боюнча көнүгүүлөр, баланын мектепке даярдыгын аныктоонун жолдору, ата-энелер үчүн кеңештер, баш катырмалар, тесттер, балдар үчүн ырлар, жомоктор, макалдар, жаңылмачтар жана табышмактар берилген.

Китеп ата-энелерге, башталгыч класстардын мугалимдерине, балдар бакчаларынын тарбиячыларына, башталгыч класстын мугалими адистигине даярдалып жаткан студенттерге, жалпы эле баланы тарбиялоо жараянына кызыккан инсандарга сунуш кылынат.

А 4312000000-200 ББК 7490
ISBN 9967-1-X
Абдураимова З.С.2000

“Урматтуу ата-энелер, өндүрүштөгү, чыгармачылыктагы, бийликтеги ишиңер канчалык маанилүү, канчалык кызыктуу, канчалык жоопкерчиликтүү болбосун - силердин коомдук милдетиңерден маанилүү, өтө кызыктуу, өтө жооптуу, өтө эле назик иш - адамды, чыныгы инсанды тарбиялоо иши күтүп турат !

Баарыбыз түшүнүшүбүз керек го, тарбия көрбөгөн адепсиз, сабатсыз, наадан мотору бузук самолет сыңары, ал өзү эле кыйроого учурабайт адамдарга да ажал алып келет!”...

*В.А.Сухомлинский*

Билим берип, адилет тарбияла,
Эки дүйнө бактылуу болот анда.

*Ж.Баласагын*

“Адамды бактылуу болууга үйрөтүүгө болбойт,- бирок аны бактылуу болгондой кылып тарбиялоого мүмкүн.”

*А.С. Макаренко*

“Келечегиңди ойлосоң-балаңды окут”

*Орус эл макалы*

“Балдардын ой жүрүүсү тайкы, акыл-эси да жетик эмес деп ойлойбуз.

О, бул такыр туура эмес. Болгону алар тажрыйбасыз гана. Балдар учкул кыял, сезимтал жана акылы да жетик келишет, буга ишене бергиле”

*Н.Г. Чернышевский*

“Мектепке кирген баланы окуучу мектеп окуучусу деп атоо кабыл алынган. Бул эмнени билдирет? Бул баланын он бир жылдык өмүрүнүн сапаттык жактан жаңы мезгилинин башталышын билдирет, бул мезгилде бала илимдердин негизи боюнча билим алат, көндүм жана шыктардын системасына ээ болот, жүрүм-турумдун ыймандык-этикалык нормаларына, зарыл болгон инсандык сапаттарды иштеп чыгууга үйрөнөт. Түпкүлүгүндө бул жашоо окуучулардан окуу, тануу, өзүн-өзү тарбиялоо ыкмаларына ‘’ болууну талап кылган “кесиптик” ишмердиктин мүнөзүнө ‘’ болот. Бала кандайча окуу керектигин билип, окуу мотивдерине ээ болгондо гана ал окуучу деп аталат. Бөбөк кантип окуу керектигин билбей туруп, окуучунун “кесиптик” негизинде жаткан көндүм жана шыктардын системасына ээ болбой туруп окуу ишине киришет. Башкача айтканда машинаны кантип айдоо керектигин билбей туруп, рулга отурган адамды машина айдоочу деп атаганга болбогон сыяктуу, баланы да сөздүн толук маанисинде, окуучу деп атоого болбойт. Тилекке каршы педагогикалык илимде жана мектеп практикасында азыркы жылдарга чейин бул проблемага жетишсиз көңүл бөлүнүп келген...”

*Ш.А.Амонашвили.*

“ Эне- алгачкы мугалим, биринчи тарбиячы.
үй бүлө-биринчи мектеп”.

*К.Д.Ушинский.*

# АВТОРДОН

Кымбаттуу ата-энелер жана мугалимдер!

Жаңы кылымдын босогосуна кадам таштоонун алдында турабыз.

Жаңы кылым... Жаңы муун... Мунун өзү жаңы кылымда жашай, окуй жана

иштей ала турган инсандарды калыптандыруу милдети ар бирибизге жүктөлгөндүгү менен түшүндүрүлөт.

Чындыгында эле баланын мектепке келиши анын турмушундагы эң олуттуу окуя, бурулуш. Ошондуктан аны мектепке даярдоого маани берүүгө мезгил жетти...

Айрым ата-энелер мектепке даярдоону балага тамга таанытуу, санаганды, кошконду, кемиткенди, үйрөтүү деп түшүнүшөт. Ал мектепте өздөштүрө турган программалык материалды белгилүү деңгээлде үйрөтүп коюшат. Мындай көрүнүш баланын мектептеги алгачкы турмушунун суз болушуна башкача айтканда анын билгенин үйрөнгүсү келбей отура берүүсүнө шарт түзүлөт. Натыйжада анын көңүл буруусунун бузулуусуна алып келет.

Кичинекейинен жомок угуп, ыр үйрөнүп чоңойгон баланын руханий дүйнөсү башкалардан айырмалуу болот. Улуу адамдардын мыкты инсан болушуна китептин тийгизген таасири жөнүндө айрым бир мисалдарды келтиргибиз келет.

Улуу сүрөтчү Г. Айтиев: “ Сүрөттүү шапалактай жомок китепти көрүп калган элем , ошондон уламбы жерге , дубалдын бооруна, а түгүл очоктун боюна сүрөт тартам, сүрөт тартпасам колум кычышып турат”- деп эскертет.(К. Сактанов. Маркумдар үнү.Б.,1991. 17-18 беттер).

Келиңиз, балдарыбыздын келечегине үмүт менен карап, аларга жомок айтып, ыр окуп берели. Жан дүйнөсүн жакшылыктар бийлесин.

Нукура педагогиканын милдети баланы анын эртеңки күнүнө багыттоодо турат эмеспи.

Биздин чакан эмгегибиз сиздерге баланы мектепке даярдоо жаатында багыт берип, алардын мектепте жакшы окуусуна, чыныгы адам болуп калыптануусуна өбөлгө түзүп, сиздердин жүрөгүңүздөрдөн түнөк табуусуна тилектешбиз.

Сиздерге бакубат турмуш каалайбыз !

# КИРИШҮҮ

Адамзат тарыхында инсандын калыптанышында үй-бүлөнүн ролу чоң. Ошондуктан үй-бүлө канчалык бекем жана күчтүү болсо, коом да, чөйрө да, ал гана эмес мамлекет да ошончолук күчтүү болот. үй-бүлө - таалим-тарбиянын, адеп-ахлактын жана рухий көрөңгөнүн башаты.

Баланын мектептеги жана андан кийинки жашоодогу ийгиликтери мектепке чейинки куракта ата-энелердин балдарга жасаган мамилесине байланыштуу экендигин Америкалык окумуштуулар 5362 адамга туулган күнүнөн 43 жашка чейин байкоо жүргүзүү аркылуу негиздүү далилдешкен.

Жетиштүү деңгээлде шарт түзүлбөгөн, ата-энеси балдардын окуусуна начар кам көргөн үй-бүлөөдө чоңойгон балдар эр жеткенде билиминин төмөндүгү, аз айлык табышып, үй-бүлөгө жөлөк боло алышпагандыгы менен айырмаланышкан.

Ошондуктан балага мектепке чейинки куракта өзгөчө гумандуу мамиле жасоо керек.

Үй-бүлө – бул ата-эне жана анын балдарынан турган коомдун кичинекей тобу. Ал улуттук нарк-насилди, каада-салтты жана потриоттук сезимди үйрөтүп, чөйрөгө толук кандуу атуулду жетилдирүүчү турмуш мектеби болуп саналат.

Биздин өлкөбүздө өсүп келе жаткан жаш муундарды тарбиялоо зор мамлекеттик маанидеги иш болуп саналат. Мектеп менен үй-бүлөнүн башкы максаты - ар тараптан өнүккөн инсанды калыптандыруу. Ошондой эле бүгүнкү күндө баланы мектепке окууга даярдоодо мектеп менен үй-бүлөгө зор рол таандык. Баланы мектепке даярдоо проблемасы дайыма актуалдуу бойдон кала берет. Анткени, анын актуалдуулугу көптөгөн факторлор менен негизделген.

Азыркы мезгилдеги изилдөөлөр далилдегендей 1-класска келген окуучулардын дээрлик 60-70 пайызы окуу ишине даяр эместиги төмөндөгү компоненттер калыптанбагандыгы менен түшүндүрүлөт:

- социалдык;
- психологиялык;
- эрктик-эмоционалдык.

Баланын мектепте сапаттуу билимге ээ болуусу, анын мектепке даярдыгынын деңгээлине түздөн түз көз каранды.

Дүйнөлүк педагогика илиминин негиздөөчүсү Я.А.Коменский

балага  таалим тарбия берүүнү мезгилдерге бөлүштүрүп, алгачкы эки куракта балдардын баштапкы калыптануусу жүрө тургандыгына өзгөчө маани берген:

- төрөлгөндөн алты жашка чейинки курак тарбиянын энелер мектеби,

- алты жаштан он эки жашка чейинки курак эне тилинин мектеби (72.88) . Биз бул мезгилдерге азыр көп маани бербей жатабыз. Ошонун кесепетинен улуттун салтын, үрп–адатын, жүзүн, эне тилдин бүт акыл парасатка тийгизе турган касиеттерин балдарыбыз аңдабай калып жатат. Эне тилин билбеген бала улуттун жүзүн тааныбайт. Сөздүн касиетинен (ар бир сөздүн үнүнөн, түсүнөн, музыкасынан, ыргагынан ж.б.) куру жалак калып жаткандыгы жалпыбызга маалым. Бала мектепке келгенге чейин эле таанып – билүү мүмкүнчүлүгүнүн эң сонун көндүмдөрүнө ээ болууга тийиш.

Бүгүнкү күнү мектепке барган балдар келечекте жашай жана иштей турган адамдар. Ошондуктан бул муундагы инсандардын зээндүү, зирек болуп чоңоюшуна кам көрүү ар бирибиздин ыйык милдетибиз.

Баланы мектепке окууга социалдык жактан даярдоо учурдун актуалдуу проблемаларынын бири болуп эсептелет. Ар бир ата- эне өзүнүн баласынын мектепке жакшы окуусун каалайт, бирок бардык эле ата-эне баланы мектепке окууга психологиялык жактан даярдайт, зээндүү болушуна кам көрөт деп айтуу кыйын.

Кымбаттуу ата-энелер!

Мектепке чейинки мезгилде бала таанып билүү жөндөмдүүлүгүнүн өнүгүшүнөн эң сонун мүмкүнчүлүгүнө ээ болот. Ага өзүнүн мүмкүнчүлүгүн өнүктүрүүгө жардам бериңиз. Убактыңыздын кеткенине өкүнбөңүз. Балаңыздын мектеп босогосун өтө чоң ишеним менен аттаганына, окууга зор ынтызарлык менен барганына кубаныңыз.

Сиздин аракетиңиз эффективдүү болуш үчүн төмөндөгү кеңештерди пайдаланыңыз:

1.үйрөтүү мезгилинде баланын зеригишине жол бербеңиз. Эгерде бала көңүлдүү окуса, анда анын ийгилиги эң сонун болооруна ишене бериңиз.

2.Көнүгүүлөрдү кайталаңыз. Баланын акылынын өнүгүшү убакыт жана турмуш менен аныкталат. Айрым бир көнүгүүлөрдү

аткаруу кыйынга турса тыныгууга убакыт бериңиз да кайра жасатыңыз же жеңилирээк вариантын сунуш кылыңыз.

3.Анча-мынча кемчилдиктер үчүн ачууланбаңыз.

4.Чыдамдуу болуңуз, баланын мүмкүнчүлүгүнө туура келбеген көнүгүүлөрдү аткартууга шашылбаңыз.

5.Сиздин үйрөтүүңүздүн чеги болсун. Эгер бала чарчап, жадап, эки жагын карана баштаган болсо, аны мажбурлабаңыз, дароо иштин мүнөзүн өзгөртүңүз. Балага өзүнө жаккан иш менен алек болушуна мүмкүнчүлүк бериңиз.

6.Мектепке чейинки мезгилде балдар монотондуу, кайра-кайра кайталанган

үйрөтүүнү жактырышпайт. Ошондуктан үйрөтүүнүн оюн формасын тандаңыз.

7. Балада мамилелешүү ыктарын, коллективизм жана кызматташтыктын духун өнүктүрүңүз: баланы башка балдар менен достошууга, алардын кайгы кубанычын тең бөлүшүүгө үйрөтүңүз, булардын баары жалпы билим берүүчү мектептин татаал атмосферасында баладан талап кылынат.

8.Баланы кубаттай турган сөз издеңиз, анын чыдамдуулугун, эркинин туруктуулугун мактаңыз.Эч качан баланын башка балдарга салыштырмалуу чабалдыгын, алсыздыгын баса белгилебеңиз. Өзүнүн мүмкүнчүлүгүнө ишенүүсүнө калыптандырыңыз.

9.Баланын ден соолугунун чың болуусуна кам көрүңүз, ансыз сабакка катышуу, сабактагы тапшырмаларды аткаруу, программалык материалды өздөштүрүү өтө кыйын болот.

Эң негизгиси бала менен иштөөнү өтө оор эмгек деп кабыл албаңыз, бала менен мамилелешүү үчүн эң сонун мүмкүнчүлүк түзүлгөнүн эч качан унутпаңыз.

“Кат сабаты ачылбаса да, өзүнчө бир керемет сыйкыр акыл эс ээси болгон чоң энем элдик ырларды, кошокторду жана жомокторду аябагандай көп билчү. Балалыгымдын таттуу күндөрү ошол чоң энемдин мээрими менен өттү” - деп эскерет залкар жазуучу Ч.Айтматов (15.405).

Мына ошол чоң энесинин мээримине балкып, анын айткандарын муюп угуп, көкүрөгүнө сиңирип, кайрадан укмуштай бир ажайып түс менен элге тартуулагандыгына, анын калемине таандык чыгармаларды окуганда автордун үнү угулуп тургандыгына баарыбыз күбөбүз.

Көрдүңүзбү, балалык мезгилде алган таасирлер канчалык деңгээлде баалуу.

...Баланын мектепке келгенге чейинки көөдөнүндөгү боштукту эмне менен, кантип толтурабыз?

Баланы мектепке даярдоодогу башкы максат болуп, аны мектеп шартындагы, жаңы чөйрөдөгү чочулоосунун алдын алуу, мамилелешүүгө, өз оюн эркин айтып, башкалардын пикирин уга билүүгө үйрөтүү жана колун жазууга көндүрүү эсептелет. Баланы мажбурлоосуз окутуу керек, деп гумандуу педагогика жөнүндө канча сөз кылганыбыз менен дагы эле авторитардык педагогикадан арыла албай келе жатканыбыз ачуу чындык.

Бала билим алууга зор дилгирлик, ынтызарлык менен келип, ошол касиеттер калыптанганда гана сапаттуу билим болот.

Бүгүнкү күнү мектепке барган балдар келечекте жашай жана иштей турган адамдар. Ошондуктан бул муундагы инсандардын зээндүү, зирек болуп чоңоюшуна кам көрүү ар бирибиздин ыйык парзыбыз.

Уул, кыздуу болуп калсаң сен эгер,
үйүңдө өстүр, жайсыз болот бөтөн жер.
Билим берип адилет тарбияла,
Эки дүйнө бактылуу болот анда [57 . 345].

– деп тээ он биринчи кылымда эле Жусуп Баласагындын алдын ала көрөгөчтүк менен эскерткенине алигиче паам парасатыбыз жетбей, жетсе да маани бербегендигибиз бизди руханий катастрофага алып келди. үйдө баланы мектепке даярдоого ата менен эненин бирдей мамиле жасоосунун зарылдыгын П.Ф.Каптерев баса белгилеп: “үй-бүлөлүк тарбияны туура коюу үчүн, ата менен эненин балдарды тарбиялоого мүмкүн болушунча бирдей катышуусу зор мааниге ээ, а түгүл өтө зарыл. Эркек менен аял өзүнүн дене бой жана рухий сапаттары боюнча ар түрдүү. Тарбия берүүгө экөөнүн тең катышуусу балдарга берилүүчү таасирдин ар тараптуулугун камсыз кылат.” – деген [65.107].

Ал эми орус элинин улуу педагогу К.Д.Ушинский баланы тарбиялоодо эненин ролу өзгөчө экендигин: “Аял затына өз балдарын тарбиялап өстүрүүгө умтулуу жана ошону менен бирге бул үчүн зарыл болгон жөндөмдүүлүк да кошо берилген,”- деп жазган [138.175].

Ошондой эле Н.И.Пирогов: “Бешиктеги баланы багып чоңойтуп, ага балалыктын сан түркүн оюнун ойнотуп, аны сүйлөөгө үйрөтүү менен  өздөрү коомдун эң башкы түзүүчүсү болуп калышаарын аялдар түшүнүп коюшсун. Бардык нерсеге аялдар чыйыр салат….” – деп айткан  [51.75].

Сизге ийгилик-балаңызга өзүнө өзү ишенүү жана мүмкүнчүлүк каалайбыз!

## Таанып билүү процесстери

## *Көңүл буруу*

Көңүл буруу- аң сезимдин белгилүү бир  обьектиге багытталышы.


Көңүл буруу- окуу иштерин ийгиликтүү аткаруунун бирден-бир зарыл шарты. Орустун көрүнүктүү психологу П.Ф. Каптерев “Кандайдыр бир обьектиге ынтаасын кое албаган адамды окутуу түбү түшкөн челекке суу куйган менен барабар”-деп айткан.

Дегинкисин айтканда, адам ар бир ишти баштоодон мурун ошол ишке сөзсүз көңүл бурууга тийиш. Бул окууда өзгөчө мааниге ээ. Көңүл буруу деген түшүнүк кыргыз адабий тилинде кунт коюу, ынтаа коюу, назар салуу, ыклас коюу өңдүү синонимдер төрүндө кеңири колдонулуп жүрөт.

Адамдын тиричилигинде көңүл буруунун мааниси өтө зор. Анткени, ынтаа коюу катышканда гана психикалык процесстер өзүнүн функциясын дурустап аткара алат. Эгерде кунт коюу жок болсо, ал жерде аң-сезимдүү мамиле да жок. Көңүл буруу болбосо, адамда даана кабыыл алуу да, эсте калтыруу да, ойлоо да жок деп түз айтууга болот. Айлана-чөйрөнү баамдоонун бирден бир зарыл шарты катарында назар салуу бардык иш-аракеттерде, өзгөчө билим алуу(окуу) процессинде баа жеткис мааниге ээ.

Ынтаа коюу акырындык менен өнүгүп отуруп, байкагычтык жана ынтаалуулук өңдүү интеллектуалдык сапатка өтөт.

Бала жалпы класстагы окуучулар менен бирге иштөө үчүн анын акылы абдан жакшы өнүккөн болушу керек. Биз төмөндө баланын  акылын өстүрүүчү көнүгүүлөрдү сунуш кылабыз, а сиз ыңгайына карап тандап алыңыз жана колдонуңуз.





1-сүрөт.

## ***Чаташкан жиптер*.**

1-сүрөттө 10 чаташкан жиптерди көрүп турабыз. Ал жиптердин бир учу сол жана экинчи учу оң жакта номерлер менен белгиленген. Айта кетүүчү нерсе бул жиптердин номерлери бири бирине дал келбейт же башкача айтканда биринчи номердеги жиптин экинчи учу оң жактагы бир деп айтсак туура болбойт. Ошондуктан экинчи учун издөө баланын милдети. Жиптин учун издөөдө калемсап, ручка же сөөмөйдү колдонуу жарабайт. Бала кунт коюп жиптин биринчи учунан экинчи учуна чейин карап чыгып, кайсы номердеги жиптин экинчи учу кайсы номерде тураарын атоо керек.

Алты-жети жаштагы бала бул тапшырманы 1-2 минутада катасыз аткарууга тийиш. Бала тапшырманы аткарууда убакытты жана канча ката кетиргенин белгилеңиз.



Ал эми 2-сүрөт “Жардам берчи”- деп аталат.

1.Ит кайсы жол менен үйүнө келүү керек ?

2.Карышкыр кайсы жол менен барса коенду кууп жетет?

3.Мышык  чычканды кармоо үчүн кайсы жол менен барат?

Алты жаштагы бала бул тапшырманы 0,5-1 минутада катасыз аткарууга тийиш.

*Көңүл буруўну өнүктүрүү боюнча көнүгүүлөр*





3-сүрөт. “ Айырмасын тап”- бала эки “окшош” сүрөттү салыштырып , байкалбаган айырмачылыктарды табууга тийиш.

4-сүрөт окуганды билген балдарга сунуш кылынат.

Алты катардан турган тамгалардын ар бир катарында 29 дан тамга бар. Бала ар бир катарды кунт коюп кароо менен адашкан тамгалардын арасынан кокустан эки, үч, төрт, беш тыбыштан турган сөздөрдү таап айтсын да белгилесин. Ийгиликтин көрсөткүчү болуп, берилген тапшырмалардагы сөздөрдү табуу тездиги эсептелет.

*Баланын көңүл буруусун өнүктүрүүчү көнүгүү*

**Ж К О Р У Л Б О Ш Н А К Б У Л А К С Н Б Р А Ч Ы Г У Б О Р**

**С У З А К Ш У А Л А Й А П А У Г К Ү Ч Ү К М Т А Й С Е М Е Т**

**Е Й Р А Й Н У Р Т А К А В Б У Т К А Л М А З А Т А И Д А О М У**

**Н А Р А Л А К Г У К У Ж И П Т В Б У Р У Л Г Т Д Й Д А Й Н В**

**Б У Л А Н Ж С А З И З Д У Р А С У Л К А К Ы Л С А П А Р Т А**

**Ю А Й М И Н А Р А Т Н А Н С У У К Ы Ш Г Ү Л ТОП**

4-сүрөт.

Көңүл бурууну андан ары өнүктүрүү үчүн ушундай тапшырмалардан дагы бериңиз. Мүмкүн болушунча күлкүлүү сөздөрдөн кошуңуз. Андай сөздөр балдарга жагаарын унутпаңыз.

## Көңүл буруунун бөлүнүшүн өнүктүрүү боюнча көнүгүү

Бала тескери санай алганда сунуш кылынат. М: 10, 9, 8, 7, 6, 5, 4, 3, 2, 1. Саноо менен дене тарбиялык көнүгүүлөрдү да жасоо керек (отуруу, туруу, бурулуу ж.б.). Адегенде көнүгүүлөрдү аткарбастан эле санайт, андан кийин саноо менен көнүгүүлөрдү жасайт.

Төмөндө клеткага 15ке чейинки сандар жайгашкан. Алардын алтоо жазылган эмес. Балага цифраларды катары менен таап атоо сунуш кылынат. Клеткада жок цифраларды өзү башка баракка, жазуу (эгер жаза албаса жөн гана атоо ) керек.

| | | |
|---|---|---|
| **2** | **15** | **8** |
| **9** | **13** | **1** |
| **6** | **4** | **11** |

3-сүрөт.

## *Эрктүү көңүл бурууну өнүктүрүүгө көнүгүү*

Балага барак менен кошо түстүү карандаштар берилет да, 10 үч бурчтук сызуу керектиги айтылат. Бала тартып бүткөндөн кийин, үчүнчү, жетинчи, тогузунчу үч бурчтуктарды кызыл карандаш менен сызуу керектигин бир гана жолу түшүндүрүңүз. Эгер бала кайталап сураса, кандай түшүнсө, ошондой аткара берүү керек экендигин айтыңыз. Бул тапшырманы ийгиликтүү аткарса, анда кийинки тапшырманы бир аз татаалдантып берүү керек.

## *Көңүл бурuунун туруктуулугун өнүктүрүүгө көнүгүү.*

Көңүл бурuунун туруктуулугун өнүктүрүү үчүн балага анча чоң эмес (газетадан же журналдан) текст бериңиз да, бир тамганы (М: а) өчүрүү, сызуу керектигин түшүндүрүңүз.

Убакытты белгилеп кетирген катасын санап туруңуз.


Кабыл алуу - бул заттардын, кубулуштардын сезүү органдарына түздөн-түз таасир этишинии натыйжасында алардын касиеттеринин бөлүктөрүнүн баш мээде бирдиктүү чагылышы .

5-6 жаштагы балдар буюмдардын түсүн, формасын айта алышат, бирок суткадагы убакытты ориентациялоо бир аз кыйынчылыкты пайда кылат.


Ошондуктан, мектеп жашына чейинки балдар менен турмуштук мисалдарды келтирип, аңгемелешүү жакшы натыйжа берет.

## ***Көңул буруунун туруктуулугун өнүктүрүүгө көнүгүү***

Бул көнүгүүлөрдү аткаруу үчүн эки сүрөт талап кылынат



*7-сүрөт*



*8-сүрөт*

## *Балдардын байкагычтыгын өнүктүрүүгө көнүгүү.*

1.Балага бөлмөнүн ичиндеги буюмдарды абдан карап чык да, төрт бурчтуу эмне бар экендигин айт деңиз. Ал стол, телевизор, каалга, терезе ж.б. ларды аташы мүмкүн.


Бул оюнду “Ким көп табат жана атайт?” – деп, мелдеш формасында өткөрсөңүз да болот.

2.Кызыл түстө эмнелер бар? - деп сураңыз.

3.Биздин үйдө бети тегерек эмнелер бар? Мисалы: табак, казан, чайнектин оозу, пияла ж.б.

4.Үйдө эмне көп, эмне аз? М: китеп көп, гүлдөр аз ж.б.

5.Эң чоң ким жана эң кичине ким?















***Суткадагы убакыт жөнүндө түшүнүктөрүн өнүктүрүүгө көнүгүү.***











Балага сүрөттү көрсөтүп, сен эртең менен эмне иш кыласың? Кайсы маалда уйкуга жатасың? Качан телевизор көрөсүң? ж.б. суроолор менен кайрылыңыз. Эртең менен күндүзү, кечинде, түндөсү ж.б. сөздөрдү катыштырып эмне иш кылгандыгын сураңыз.

Жылдын төрт мезгилин чагылдырган сүрөттү көрсөтүп, жыл мезгилдерине байланышкан суроолорду бериңиз.

### *Мейкиндикти элестетүүлөрүн өнүктүрүү*

Алдын ала беш оюнчукту даярдаңыз. (М: машина, топ, куурчак, коен, аюу).

Балага бир нече тапшырмаларды аткарууну сунуш кылыңыз:

1.Оң, сол колуңду, оң, сол бутуңду, оң, сол кулагыңды көрсөт.

2.Столдун үстүнө 5 оюнчукту төмөндөгүдөй үлгүдө коюңуз: ортого куурчак, оң жагына топ, сол жагына машина, алдына аюу, арт жагына коен. Эми суроо бериңиз. Куурчак кайсы жерде турат? Анын оң жагындагы эмне, сол жагындагычы? Куурчактан мурда кайсы оюнчук турат? Куурчактан кийинчи?

3.Баланы бөлмөнүн так ортосуна тургузуңуз да, анын оң жана сол жактарында, алды жана арт жагында эмнелер турганын сураңыз.

Тапшырманы аткарууда туура жооп берип жатабы байкап туруңуз.

Ойлоо – обьективдү чындыктагы заттардын, кубулуштардын ортосундагы жана алардын өзүндөгү байланыштарды ачып көрсөткөн психикалык процесс. Ойлоонун төмөнкүдөй түрлөрү бар:

1.Практикалык ойлоо. Адам өзүнүн тарыхый өнөгүшүндө алдында турган маселени көбүнчө практика жүзүндө чечүүгө аракеттенет. Кадамдап, жер аянтын өлчөйт. Жаш балдар оюнда топтолгон тажрыйбага таянып, оюнчуктарды бузуп, кайра ондойт. Практикалык ойлоодон теориялык ойлоого өтүү жеңил.

2.Көргөзмөлүү ойлоо маселенин мазмунуна, материалдын образына негизделет. Ал практикалык ойлоого караганда татаал мүнөзгө ээ. Мында маселени чечү үчүн адам заттардын, кубулуштардын, окуялардын образдарын жалпылоого аракеттенет. Аларды анализдегенде, синтездегенде колу менен кармап, затты түрдү мүнөздө манипуляциялабайт. Бирок затты ачык кабыл алып, аны көз алдына элестетү керек. Айрыкча жаш балдар түшүнүк аркылуу ойлобостон, көргөзмөлү ой менен ойлонот.

3.Теориялык ойлоо. Мында ойлоо сөздөр аркылуу ишке ашат. Образдардан алыс турган түшүнүктөр сөздөр менен туюнтулуп, алардын маңызы таанылат. Алсак, нарк, баа ж.б.

## *Баланын ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүчү оюндар*

Тескерисин айт.


Балага мен айткан сөздөрдүн тескерисин айт деп түшүндүрүңүз.

М.: чоң - кичине.
Тез - жай
Толо - бош
Семиз - арык
Эмгекчил – жалкоо ж.б.


Кандайдыр бир жагдайды айтуу менен топту балага


ыргытасыз, эгер ошол айтылган жагдай турмушта болсо, топту тутуу керек, ал эми болбосо тутбоо керек. М.: Сиз мышык ботко бышырып жатат деп балага ыргытасыз. Бала топту тутпаш керек. Анан бала бир жагдай айтып топту сизге ыргытат.


Ар түрдү жагдайларды сунуш кылууга болот. М: Окуучулар мектепке бара жатышат. Жайында кар жаайт. Айгүл гүл терип келди. Түтүндөн мору чыгып жатат. Күчүк дарактын бутагында отурат. Балык ыр ырдап жатат. Поезд асманга учуп бара жатат. Чычкан мышыкты коркутту. Короз баняга кетти. Карышкыр коендон коркот. Автандил уктап жатат. Сабиз коенду жакшы көрөт ж.б.



















## ***Ой жүгүртүүсүнүн тездигин өнүктүрүүгө көнүгүү.***

Сөздү бүтүр.

Сиз сөздүн башындагы бир гана муунду айтыңыз. Калганын бала тапсын.

Менин эмнени айтарымды сен тап. М: ча

Бала: чач, чачык, чай, чака, чара же та- ... тал, тарак, талаа, таш. тап, табышмак ж.б.

Бул көнүгүүнү балдар менен мелдеш, оюн формасында уюштурууга болот.

## ***Жалпылоочу ойлоо процессин өнүктүрүүчү көнүгүү.***

Ашыкча сөздөрдү тап:

Төрт сөздөн турган сөздөрдүн сериясын балага айтыңыз, ашыкча сөздү табуу керектигин жана калган үч сөздүн жалпы аталышын айтуусун сунуш кылыңыз.

1.Суу, каймак, май,айран.

2.Кашык, балта, табак, казан.

3.Китеп, карандаш, дептер, газета ж.б.

Эс - инсандын өз тажрыйбасын эсте сактоо жана керектүү учурда кайтадан эске түшүрү функциясын аткарган психологиялык категория.

Эс төмөнкү үч критерийлердин негизинде классификацияланат:

1.Иш-аракеттеги психикалык активдүүлүктүн ээлеген ордуна карай мотордуу, эмоционалдык, образдык, сөздүк - логикалык эс.

2.Иш-аракеттин максатынын мүнөзүнө карай эрксиз, эрктүү эс.

3.Материалдын баш мээде сакталуу көлөмүнө карай кыска, узак эс болуп бөлүнөт.

Мотордуу эс – ар түрдүү кыймылдарды, алардын системаларын эске тутуу жана эске түшүрүү аракетин көрсөтөт. Ал өзүнүн пайда болуу мүнөзүнө карай эстин алгачкы түрүнө кирет.

Адамдын чексиз автоматташкан машыгууларынын негизин мотордук эс түзөт. Демек, ал бардык жумуштун, машыгуулардын негизи. М.: тишти тазалоо, бийге түшүү ж.б.

Эмоционалдуу эс адамдын өткөн турмушунда болгон эмоционалдуу кырдаалды мүнөздөйт, адамда эмоциялуу абалды козгойт. Ал адамдардын ишмердигинде чоң мааниге ээ.

Образдуу эс угуу, көрүү, жыт сезүү, даам татуу болуп төрткө бөлүнөт.

Образдуу көрүү эсинин өзгөчө түрүнө эйдетикалык эс кирет.

Ал эске эгедер адам кабылданган обьект көз алдында турбаса да, көрүү мүмкүнчүлүгүнөн толук ажыраганда да, анын элементтерин жаңылбастан кайталап берүүгө күчү жетет. Эйдетикалык эс чоң кишилерге караганда жаш балдарда көп учурайт. Ошондуктан, алар материалды механикалык жаттоого жөндөмдүү.

Жогоруда белгилегендей, эс материалды сактоо узактыгына карай кыска жана узак болуп экиге бөлүнөт.

Кыска убакыттагы эс материалдын али баш мээде изи кала элек, ички байланыштары түзүлө элек, анын элеси адамдын көз алдынан кетпей, үнү кулакта угулуп турган учурда, эске тутуунун баштапкы этабын мүнөздөйт. Кыска убактагы эс ар түрдү тажрыйбаларды топтоодо, аларды колдонууда чоң мааниге ээ. Анын убактысынын узактыгы бир канча секунддан минутага чейин созулат. Кыска убакыттагы эс механикалык мүнөзгө ээ. Эске түшкөн обьект өзгөрбөй, кайра түзүлбөй, мурунку абалында калат.

Узак убакыттагы эс болсо кабыл алынган маалыматтардын узак убакытка же түбөлүк калышын мүнөздөйт.

***Оюн: Мен фотоаппаратмын***

Балага - өзүн фотоаппарат деп эсептешин түшүндүрүңүз. М: бала бир нече секунд столдун үстүндөгү буюмдарды кунт коюп карап бүткөндөн кийин көзүн жуумп, ал буюмдарды аташы керек.

Мындай жол менен баланын эске сактоосун гана эмес, көңүл буруусун да өнүктүрүгө болот. Бала үчүн кызык нерселер анын эсинде калат, ошондуктан, ар түрдүү оюндарды уюштурууну эсиңизден чыгарбаңыз. Балага 10 сөз айтыңыз да, кайра кайталоосун сунуш кылыңыз.

М.: түн, токой, үй, терезе, мышык, стол, үн, ийне, от.

Эми ушул сөздөрдү системалаштырып, кыскача аңгеме түзүп, балага айтып көрүңүз. Түндөсү токойдогу үйгө терезеден мышык кирди. Столго секирип чыгып, нанды жеп, тарелканы сындырып койду. Сырттан үндү укту. Тарелканын сыныктары таманын ийнеге окшоп сайгылады. Таманы оттой ысыды.

Балага ушундай эле он сөздү айтыңыз, ал да кыска ангеме түзүп, өзүн сынап көрсүн.

Ош, базар, эл, автобус, үй, дос, ит, телевизор, диван, саат.

***Элестетүү*** – адамда болгон маалыматтарга таянып,

жаңы идеяларды, элестерди пайда кылган чындыкты чагылдыруунун өзгөчө формасы.

Адам өзү ойлогон обьектини түрдүү чоңдукта, түрдүү түстө, түрдүү абалда, жагдайда элестете алат. Анын мындай мүмкүнчүлүктөрү чексиз.

Мектепке чейинки балдар сюжеттик-ролдук оюндарды ойногон мезгилде фантазиянын эң жогорку деңгээлде өнүккөндүгүн көрөбүз. Айталы, бала шофердун ролун аткарып, рулда кетип жаткан болсо, ал машинанын моторунун добушун, сигналдын үнүн тууроо мүмкүнчүлүгүнө ээ.

Айрым учурда балдар көргөн билгендерин, уккандарын көркөмдөп айтуу чеберчилигинө ээ экендигин байкоого болот.


Балдардын кыялдануусун өнүктүрүү үчүн элестетип көрчү, эгер... М: эгер, мышыктар үчүн мектеп ачсак, анда кандай болот? Элестетип көрчү, эгер адамдар каалаган жерине чымчыктарга окшоп учуп барса, кандай болот? Элестетип көрчү, эгерде иттер адамча сүйлөй алышса, анда кандай болмок?


***Эрк*** – адамдын активдүүлүгүнүн бир формасы. Эрк - бул керек болгон учурда өзүнө-өзү бийлик жасоо, өзүнүн эрксиз импульстарына көзөмөл кылуу, тоскоолдуктарды жеңүү. Күчтүү эрк кызыктыруучу башка нерселерден адамды баш тарттырат.


Адамдын эрктик аракеттери алдыга коюлган максатты ишке ашыруудагы тоскоолдук кылуучу себептерди, кызыга турган мотивдерди, жолтоо болуучу тоскоолдуктарды жеңүүгө кеткен аракеттерди түшүндүрөт.


Болочоктогу 1-класстын окуучусунун эркине көп талаптар коюлат: сабактан кечикпөө үчүн убагында туруу, класста өзүнүн ордунда отуруу, мугалимдин суроосуна жооп берүүдө же өзү суроо берээрде кол көтөрүү, ордунан туруу ж.б.

Мугалимдин айтканын кунт коюп угуу жана анын көрсөтмөсүн аткаруу. Өзүн-өзү кармай билүү жана текшерүү ж.б. мына ушулардын баары баладан эркти талап кылат. Калыптанган эрк баланын мектепке көнүгүшүнө бир топ жеңил болот.


1
2
3
4
5
6
7
8







***Баланын акылын өстүрүүчү көнүгүү***

Мааниси боюнча окшош сөздөрдү атоону сунуш кылыңыз.
1.Дарактардын атын айт (тал, терек, кайың, карагай, ж.б.).


2.Кандай жырткычтарды билесиң?


3.үй жаныбарлары кайсылар?

Ошондой эле баланын акылынын өсүшүнө табышмактар да өз таасирин тийгизет.

М.: Аңдып туруп чычканды,
Көрсө дароо кармаган.
Курч тырмагын батырып,
Оозу - мурдун кандаган. *(мышык)*

Талаасы - айнек,
Курчоосу – жыгач.
Табарың анык,
Ойлонсоң бир аз. *(терезе)*





Тапшырмалардан негизгилерди таба билүүгө үйрөтүү менен баланын акылын, паам-парасатын өстүрүүгө болот. М: төмөндөгү тапшырманы балага окуп бериңиз. Ал тапшырманын мазмунуна көңүл буруп, кантип чыгаруу керектигине ой жүгүртсүн, кантип ошондой болорун түшүндүрсүн.

***№ 1 тапшырма:*** Азамат үч балык, ал эми Кыяз эки балык кармады. Бардыгы болуп канча балык кармашты?

***№ 2 тапшырма:*** Расулдун беш алмасы бар эле. Анын экөөсүн Азизага берди. Өзүндө канча алма калды? Расулдун алмасы Азизанын алмасынан көппү же азбы?

***№ 3 тапшырма:*** Уландын 5 оюнчугу бар. Анарада да

ошончо оюнчук. Экөөндө биригип канча оюнчук бар?

***№ 4 тапшырма:*** Кутучада 5 карандаш бар эле. Айдай кутучага дагы 3 карандаш салды да, Аидага 4 карандаш берди. Кутучада канча карандаш калды? Карандаштардын же таякчалардын сүрөтүн тартуу менен бул тапшырмаларды аткартууга болот.

***№ 5 тапшырма:*** Бир тооктун 7 жөжөсү бар, ал эми экинчи тооктун жөжөсү биринчисинен 3 жөжөгө көп. Экинчи тооктун канча жөжөсү бар? Бардыгы болуп канча жөжө бар?

**№ *6 тапшырма:*** Гаражда 7 машина бар эле. Гараждан 3 машина чыгып кетти.Канча машина калды?

**№ 7 тапшырма :** Сегиз бала чана тээп жатышкан эле, алардын үчөө үйгө кетип калышты. Чана тепкен жерде канча бала калды? Балдар жылдын кайсы мезгилинде чана тебишти? Кыш айларын атагыла.

**№ 8 тапшырма :** 10 оюнчуктун төртөөнүн елкага илгенден кийин канча оюнчук калды? Жаңы жыл качан болот? Жыл ичиндеги айларды ирети менен ата. Кыш айларын эстеп кал.

**№ 9 тапшырма :** Апасы капуста менен 6 пирожки, картошка менен 4 пирожки бышырды . Пирожкалардын сүрөтүн тарт. Канча пирожки экенин сана ? 10.

5 пирожки жегенден кийин канча пирожка калды ?

***Тамашалуу табышмактар*** балдардын ой жүгүртүүсүн активдештирет.

М: Жөжө бир буту менен турганда 1 кг, а эгерде эки буту менен турса канча кг болот? (1кг).

Короодо 4 карга турган эле. Аларга дагы эки карга учуп келди. Бирок, биздин мышык чуркап барып каргаларды чоочутуп жиберди. Короодо канча карга калды? (калган жок).


Теректин үч бутагы бар? Ар бир бутакта үчтөн алма бар. Бардыгы болуп теректе канча алма бар? (теректе алма өспөйт).














































Бала менен мамилелешүү ата-энелерден жогорку маданиятты талап кылат. Биз төмөндө ата-энелер үчүн айрым кеңештерди сунуштайбыз, а сиз аны эч кандай кыйкырыгы жок пайдаланууга аракеттениңиз.

“Кыйкыруу - адамдык мамилелердин маданиятынын жоктугунун чыныгы белгиси.

...Кыйкыруу балдардын кылык-жоруктарына, мүнөзүнө, алардын окууга жасаган мамилесине карата болгон эң тар аң-сезим, эң орой реакция болуп эсептелет. ….Кыйкырык балалык уялуу сезимин жоготот...” деп жазат улуу педагог В.А.Сухомлинский (120. 68).

Балаңыздын сиз каалагандай болуп чоңоюшу үчүн ага камкордук көрү, жардам берүү зарыл экендигин унутпаңыз. Балаңыздын режимди так аткарышына жардам бериңиз.

1.Эртең менен балаңызды кыйкырбай ойготуңуз. Ал уйкудан көзүн ачканда сиздин күлүп турганыңызды көрсүн. Саарлап наалыбаңыз, урушпаңыз. Мурунку күнү балаңыз кетирген кемчилдик үчүн да, саарлап баланын маанайын чөгөрүүгө акыңыз жок.

2.Шаштырбаңыз. Убакытты туура бөлүштүрүүгө жардам бериңиз. Эгерде бала жетише албай жатса, ал сиздин күнөөңүз.

3.Эртең мененки тамакты ичпей баланын мектепке жөнөөсүнө уруксат бербеңиз.

4.Мектепке жөнөтүп жатып: "Начар баа алып келчү болсоң, үйгө кирбейсиң", "Мектепте шоктончу болсоң, менден жакшылыкты күтпө!" ж.б.у.с. сөздөрдү айтпаңыз.

5."Бүгүн канча деген баа алдың?"- деген суроо менен баланы тосуп албаңыз. Анын эс алышына мүмкүнчүлүк түзүңүз. Эгер бала кубанычын же кайгысын бөлүшкүсү келип турган болсо, аны кийинкиге калтырып, кол шилтебеңиз, аны менен маектешүүгө көп деле убакыт сарпталбайт.

6.Эгер бала ызааланып, эч ким менен сүйлөшкүсү келбей турса, билмексен болуп, анын тынчын албай туруңуз. Ызаасы тараганда өзү эле айтып берет.

7.Мугалимдин эскертүүсүнө тезирээк эле чара көрүп жиберүүгө шашылбаңыз. Аны менен баланын көзүнчө сүйлөшпөңүз.

8.Мектептен келгенден кийин сабак даярдоого шаштырбаңыз. Бала эки-үч саат эс алсын. (Биринчи класстын окуучусу түшкү тамактан кийин бир жарым саат уктаса сонун болмок.) Сабакты саат 15тен 17ге чейинки аралыкта даярдоо керек.

9.Бардык сабакты бир отурушта даярдап коюу туура эмес. 15-20 минута сабакка даярдангандан кийин, 10-15 минута танапис жасоо талапка ылайык.

10.Сабакка даярданып жаткан мезгилде анын маңдайына туруп албаңыз. Ага өз алдынча болууга мүмкүндүк бериңиз. Эгер сиздин жардамыңыз керек болуп калса, чыдамдуу болуңуз. Добушуңузду өтө бийик чыгарбаңыз. "Кел экөөбүз иштейли", "Мен сага жардам берейин" ж.б. сөздөр менен баланын көңүлүн

жубатыңыз. Керек учурда баланы мактаңыз.

үйгө берилген тапшырманы аткаруусуна жардам бериңиз жана текшериңиз. Жардам берүү жана текшерүү, ачуулануу, кейүү, баланы кыжаалат кылуу менен болбосун. Негизгиси - анын окууга болгон кызыгуусун ойготуңуз.

11. Балаңыздын окуудагы жетишкендиктерине кызыгыңыз, (бүгүн сен эмнени үйрөндүң? Же бүгүн канча деген баа алдың?) - деп сурап туруңуз. Ийгилигине кошо кубаныңыз, кемчилдигине капа болуңуз.

12.Өзүңүзгө ыңгайсыз болсо да, балага чындыкты айтыңыз.

13.Күч колдонуп ийгиликке жетүүгө умтулбаңыз.

14. Кең пейил болуңуз.

15.Балдарды мактоону унутпаңыз.

16.Балаңыздын кичинекей ийгилигин көрө билиңиз жана белгилеңиз.

17.Баланын өзүн эмес, анын кылган иштерин баалаңыз.

18.Балаңыздын жүрөгүнүн ачкычын таба билиңиз.

19.Бала чагыңыздагы бактылуу күндөрдү балаңызга айтып бериңиз.

20.Адамга ишенүү, кең пейилдүүлүк болгондо гана тарбия болот.

21.Балага чоңдор кандай мамиле жасашса, ал чоңдорго да ошондой мамиле жасайт.

22.Балдар жөнүндө жөндөмсүз деп айтпаңыз, жөндөмү али толук өнүгө элек деп айтыңыз.

23.Баланын кемчилдиктери жөнүндө айта берүү жарабайт.

24.Балдарга жомок айтууга убакыт табыңыз.

25.Балдар менен жарык маанайда сүйлөшүңүз.

25.Өзүңүздүн да бир кезде бала болгонуңузду, болгондо да кандай бала болгонуңузду унутпаңыз.

Жыйынтыктап айтканда, болочоктогу окуучунун үйдөгү алган тарбиясы, таасирлери анын кандай окуучу болооруна түздөн-түз таасир этет. Ошондуктан, ар бир ата-эне, үй-бүлө - биринчи мектеп, эне – табигый тарбиячы экендигин билүүгө тийиш.

***Баланын мектепке болгон даярдыгын аныктоого жүргүзүлгөн мониторинг.***

Баланын мектепке окууга даярдыгын аныктоону эки этап менен жүргүзүү максатка ылайык.

Биринчи этапта балдар группа боюнча иштешет.

Экинчи этапта бала менен жекече иштөө, б.а. баланын оозеки жоопторуна жана ишмердүүлүгүнө байкоо жүргүзүү.

Айрым мектептер баланын мектепке даярдыгын алардын эсептөөсү, тамга таануусу, окуй алуусу менен аныктап жүрүшөт. Бала мектепте өздөштүрө турган окуу, жазуу, эсептөө сыяктуу окутуунун мазмуну аркылуу баланын мектепке даярдыгын аныктоо биздин пикирибизче туура эмес .

Баланын мектепке окууга даярдыгын өз ара тыгыз байланыштагы үч компонент менен аныктоого болот: дене жагынан даярдыгы, б.а. баланын ден соолугунун, дене боюнун өнүтүүсүнүн абалы, интеллектуалдык даярдыгы жана инсандык даярдыгы.

Баланын дене жагынан даярдыгын балдар врачтарынын жардамы аркылуу атайын медициналык карталарды толтуруу менен аныктоого болот.

Ал эми инсандык даярдыгы баланын билимдеринин запасы, айлана-чөйрөнү ориентировкалай алышы, өз алдынчалуулугу, активдүүлүгү, демилгелүүлүгү, өзү теңдүүлөр, өзүнөн кичүүлөр жана улуулар менен мамилелеше алуусу менен мүнөздөлөт.

Сенсордук өнүгүүсү (көрүү, угуу аркылуу кабыл алуусу), психикалык процесстеринин (кабыл алуу, көңүл буруу, эс, кыялдануу, байкоо) жана образдуу элестөөлөрүнүн өнүгүү абалы, акылынын, сөзүнүн өнүгүүсү баланын мектепке интеллектуалдык даярдыгынан кабар берет.

Ар бир ата-эне өзүнүн баласы, ал эми 1-класстын мугалими өзүнүн окуучулары жөнүндө кененирээк маалыматта болуусу педагогикалык процессте өзгөчө мааниге ээ.

Ошондуктан окуу жылынын башында баланын окууга даярдыгын аныктоо үчүн мониторинг жүргүзүү талап кылынат.

Улуу педагог К.Д.Ушинский: «Эгерде педагогика адамды бардык жагынан тарбиялагысы келсе, анда ал аны бардык жагынан билүүгө тийиш» – деген (138.355).

Баланын мектепке даярдыгынын критерийлери катары төмөндөгү көрсөткүчтөрдү эсептөөгө болот:

1.Ден соолугунун абалы. Салмагы, бою, көкүрөк клеткасы, көрүүсү, угуусу, манжаларынын кыймылы б.а. колунун манжаларынын ар түрдүү иш-аракетти жасоого ийкемдүүлүгү, көзү менен колунун кыймылынын шайкештиги, калемсапты

колдоно билгендиги.

Нерв системасынын абалы: күчү жана кыймылы, тең салмактуулугу. Ден соолугу чың, кыймыл аракети шамдагай, тулку бою туура өнүккөн.

2.Интеллектуалдык даярдыгы: кругозору, сөз байлыгы, таанып билүү процесстеринин өнүгүү деңгээли.

3.Инсандык жана социалдык-психологиялык даярдыгы. Нравалык сапаттардын калыптануусу теңтуштары жана өзүнөн чоң адамдар менен мамилелеше алуусу.

4. Эрктик- эмоционалдык даярдыгы. Эгерде бала өзүнө максат койсо, чечим чыгара билсе, иш аракетин пландаштыра алса, анда баланын психикалык процесстери калыптанат калыптанат.

5. Окууга болгон ынтызарлык. Сабактарга кызыгуу менен активдүү катышуу, билим алууга, көп нерселерди билүүгө чын ыкласы менен болгон аракет.

6.Өзүнүн жүрүш-турушун башкара билүү. Китептен көргөндөрүн, мугалимдин айткандарын эске сактап калуу үчүн сабакта көңүлүн топтой билүүсү, мектептин режимине баш ийүүсү, ички псхологиялык иш-аракеттерин башкаруусу.

7.Акыл ишмердүүлүгү. Баланын таанып-билүү процесстеринин өнүгүүсү, буюмдарды, кубулуштарды байкоо менен алардагы окшоштуктарды жана айырмачылыктарды көрө билүүсү.

8.Өз алдынчалуулук.

9.Эмгекке карата мамиле.

10.Дептерди жана мейкиндикти ориентировкалай алуу.

Азыркы мезгилде баланын мектепте окууга даярдыгын аныктоо үчүн эң жөнөкөй, жеткиликтүү усулдар бар. Алардын ичинен эң кеңири тараганы анкета же башкача айтканда сурамжылоо.

Сурамжылоого ата-энелер окуу жылынын башталышынын алгачкы жумасында жооп беришсе, мугалимдерге жакындан жардам болмок. Ал төмөндөгүдөй бөлүктөрдү өзүнө камтыйт:

1. Баланын, инсандык өзгөчөлүктөрү, анын жамааттагы жүрүш-турушу: балдар менен мамилеси (достору менен ынтымак, урушчаак, тартиптүү, жоош момун, женил ойлуу) ж.б.;

2. Түнкү жана күндүзгү уйкусуна мүнөздөмө (тез уктайт, тынч уктайт, уйкучу, катуу уктайт, сергек уктайт, уктап жатып

сүйлөнөт, уктап жатып төшөктү суулап коет, тишин кычыратат) ж.б.;

3. Өзү-өзү тейлөө ыкмасы (тыкан жүрөт, өзүн-өзү эптей албайт, өзүн өзү тейлөө ыктарына ээ же тескерисинче)

4. Сабак учурунда ишке жөндөмдүүлүгү (бардык сабактарда кунт коюп отурат, тез башка нерселерге алаксыйт, шок, тез чарчайт, тиешеси жок иштерге бат алаксыйт ж.б.);

5. Эске тутуусунун абалы жана мүнөзү (жакшы, жаман, көрүп эске тутуусу, угуп эске тутуусу);

6. Ой жүгүртүүсүнүн өзгөчөлүгү (конкреттүү нерселерди гана кабыл алат, абстракттуу түшүнуктөрдү өздөштүрө алат, жалпылай алат ж.б.)

7. Сүйлөө, кебинин өнүгүүсү (бардык тыбыштарды айта алат, бир же эки тыбышты туура эмес айтат, көпчүлүк тыбыштарды туура эмес айтат, кекечтенет, текстти кайра айтууда керексиз сөздөрдү колдонот, сөз байлыгы жарды, сүрөттөгү же аңгемедеги ойду түшүнөт, түшүнбөйт).

8. Балдар бакчасынын программасын өздөштүрүүсү (өзүнүн жашына ылайык билимдердин жана ыктардын запасына ээ, орунду жана убакытты ориентировкалай алат, кайда жашаганын, үй дарегин, үйүнүн телефонун, ата-энесииин иштеген жерин. телефондорун, кесибин, жыл мезгилдерин, үй жана жапайы айбандарды билеби?)

9. Мамилелешүүнүн эң жөнөкөй ыктарына ээби?

10. Ата-энесине баланын ден соолугунун абалы белгилүүбү? Бул графаны толтуруу медициналык кароодон өткөрүүнүн жыйынтыгы боюнча, сентябрь айындагы биринчи ата-энелер чогулушунда жүргүзүү керек.


Анкетанын негизинде мугалим өзүнүн классындагы окуучулардын жекече өзгөчөлүктөрүн терең үйрөнөт.

Ошондой эле баланын мектепке окууга даярдыгын билүү үчүн Керна-Иразектин үч тапшырмадан турган тестин сунуш кылууга болот.

1. Адамдын сүрөтүн тартуу.

2. Даяр сүйлөмдү көчүрүү. Бала окуй албайт, бирок үч сөздөн турган сүйлөмдү көрүп турганындай көчүрүүгө тийиш. М: мен мектепке бардым.

3. Тигинен жана туурасынан бирдей аралыкта жайланышкан он чекитти көчүрүп тартуу



(29.47

Тестти жекече же группа менен жүргүзсө болот. Ар бир балага фамилиясы жазылган баракчалар таркатылат. Балдар партада же столдо жекеден отурууга тийиш. Карандаш же ручка столдун так ортосуна коюлат. Кайсы колуна кармоо керектигин бала өзү тандасын. Эгерде балаңыз карандашты же ручканы туура эмес кармаса, берилген тапшырмаларды аткара албай кыйналса, балаңызды күнөөлөбөңүз. Өзүңүздү күнөөлөңүз. Анткени балаңызга түшүндүрө албаган өзүңүз күнөөлүүсүз.

Сиздин түшүндүргөнүңүзгө бала түшүнбөсө ачууланбаңыз. Ачуулануу, кыйкыруу, баланы жазалоо менен сиз ийгиликке жетише албайсыз. Болгону баланы коркутасыз, капа кыласыз, өзүңүздү балаңызга жек көрсөтүп аласыз. “Баланын шагын сындыргандан өткөн наадан адам жок,”- деп айткан этнопедагог Г.П.Волков (45.167).

Төмөндө баланын мектепке даярдыгынын текшерүүнүн дагы бир усулун сунуш кылабыз.

Биз сунуш кыла турган тапшырма баланын мектепке даярдыгынын денгээлин, акылынын өсүшүнүн көрсөткүчүн, билимди начар өздөштүрүүсүнүн айрым себептерин билдирет.

Тапшырманы аткаруусунун жыйынтыгына толук ишенип, баланы акыл жагынан начар экен деп жыйынтык чыгарууга болбойт. Мүмкүн балаңыз чарчап турган мезгилде сиз тапшырманы сунуш кылгандырсыз. А мүмкүн сиз усулду туура эмес тандап алгандырсыз. Эгерде тапшырманын жыйынтыгы начар болуп калса, сиз анда адистердин кеңешин угуңуз.

Эскертүү: баланы  тапшырманын начар жыйынтыгы үчүн күнөөлөбөңүз. Күнөөлөө менен сиз анын психологиялык жактан өнүгүшүн жогорулата албайсыз, тескерисинче анын мүмкүнчүлүгүн туура баалоодон ажырап калышыңыз мүмкүн.

***Чоңдордун көрсөтмөсүн угуу жана аткаруу жөндөмдүүлүгүн текшерүү*** мектепте окуунун биринчи эле күнүндө өтө зарыл.

Клетка барак алып, балага абдан кооз оймо-чийме тартууну үйрөтүүнү сунуш кылыңыз:

– мен сага сызыкты кантип сызуу керектигин айтып турам, а сен болсо, мен айткандай кылып тартасын, - деп түшүндүрөсүз.

Сен билесиңби, оң колуң кайсы? туура: сен карандаш кармап турган колуң. Карандашты дептердин четинен эки клетка калтырып, бир клетка эшик же каалга жакка жылдыр, кайсыл жакка жылдырабыз?

Каалга жакка.


Демек, эгерде мен оң жакка дегенде сен сызыкты каалга жакка сызасың. Сол колуң кайсы?

Терезе жактагы.

Туура. Эгерде мен сол жакка сызабыз десем, сен сызыкты терезе жакты көздөй сызасың. Мен сызыкты кайсыл жакты көздөй канча клетка сызуу керектигин да айтам, а сен мен айткан клетканы сыз да, токтоп күтүп тур, жаңы сызыкты мурунку сызган сызыктардын бүткөн жеринен баштайсың.

Эми балага оймо-чиймени кайсы жерден баштап тартуу керектигин көрсөтүңүз (барактын сол жак четинен эки клетка калтырып) жана айтыңыз.

– Бир клетка оңго, бир клетка жогору, бир клетка оңго, бир клетка төмөн, бир клетка оңго, бир клетка жогору, бир клетка оңго, бир клетка төмөн, эми калганын өзүң сыз.




1-сүрөт

Эгер бала мугалимдин айтканын туура аткара алса, анда биринчи сүрөттөгүдөй узор пайда болот. Эгер бала тартууда жаңылып калса, аны ондоп бериңиз, бул машыктыруучу көнүгүү. Бала өз алдынча тартып жатып, түшүнүүгө тийиш. Ал сызыкты дептердин оң жак бурчуна (четине) чейин сызышы керек.

Жогорудагы оймо-чиймени тартып бүткөндөн соң, кийинки оймо-чиймени тартууга киришебиз.

- Барактын сол жак четинен оң жакты көздөй бир клетка


сыз да, эки клетка жогору, бир клетка оңго, бир клетка жогору, эки клетка оңго, бир клетка төмөн, бир клетка оңго, эки клетка төмөн, эки клетка оңго, эки клетка жогору, бир оңго, бир жогору, эки клетка оңго, бир төмөн, эми калганын өзүң сызып улант.



2-сүрөт

Сызуунун жүрүшүндө эч кандай кошумча көрсөтмө берилбейт. Каталар оңдолбойт. Качан гана бала дептердин оң жак четине чейин сүрөт тартып бүткөндө гана кийинки оймо-чиймени тартууга өтүү керек.


- Бароктын сол жак четинен оңго бир клетка сыз да, эки клетка жогору, эки клетка оңго, бир клетка төмөн, бир клетка солго, бир төмөн, эки клетка оңго, эки клетка жогору, эки клетка оңго, бир төмөн, бир солго бир төмөн, эки оңго. Калганын өзүң улант.




3-сүрөт

Эми акыркы оймо-чиймени тартууга киришебиз.

- Бир оңго, бир жогору, эки оңго, бир жогору, бир солго,эки жогору, бир оңго, бир төмөн, эки оңго, бир төмөн, бир солго,эки төмөн, бир оңго, бир жогору, эки оңго, бир жогору, бир солго,эки жогору, бир оңго, бир төмөн, эки оңго, бир төмөн, бир солго,эки төмөн, бир оңго.





4-сүрөт

Калганын өзүң тартып көрчү.

Эми ар бир тарткан машыктыруучу оймо-чиймеден башкаларын баалайбыз. Эч катасыз тартылган оймо - чийме төрт балл, эгерде бир, эки ката кетирсе 3 балл, андан да көбүрөөк ката кетирсе 2 балл, каталар абдан көп кетирилгенде 1 балл, жооптору туура эмес болсо 0 балл деп бааланат.

Бардык оймо-чиймелерге алган баллдарды эсептеңиз. Мектепке барууга 2-3 ай калганда 7 баллдан төмөн болбоо керек. Эгерде мектепке барууга дагы жарым жыл убакыт бар болсо, анда 5 балл эң сонун көрсөткүч (32.17).

***Логикалык ойлоосун баалоо үчүн тестти*** пайдаланууда бала төмөндөгү суроолорго жооп берүүгө тийиш:

1.Кайсы жаныбар чоң - атпы же итпи?

2.Адамдар эртең менен уйкудан турушат, а кечинде[7]

3.Күндүзү көчө жарык, ал эми түндөсүчү?

4.Асман көк, а чөпчү?

5.Алма, өрүк, алмурут, алча -булар эмне?

6.Ош, Бишкек, Жалал-Абад, Сүлүктү - булар эмнелер?

7.Саат канча болду? (Балага саатты көрсөтүңүз жана канча болгондугун айтуусун сураңыз)

8.Кичинекей тоок – бул жөжө, кичинекей уй жана кичинекей ат эмне?

10.Ит мышыкка окшошпу же тооккобу?

11.Балка менен балта эмне үчүн бир-бирине окшош?

12.Мышык менен тыйын чычкан окшошпу?

13.Футбол деген эмне?

14.Транспорттун кандай түрлөрүн билесиң?

15.Жаш адам менен кары адамдын кандай айырмасы бар?

16.Сен кандай адамдарды жакшы адам деп эсептейсиң?

17.Кышында кар жаайт, а жаздачы?

18.Суу муздаганда тоңот, а ысыгандачы?

Бала аң сезимдүлүк менен жооп берип жатабы, байкаңыз?

Эгер бала 15-16 суроого туура жооп берген болсо, анын

сөздүк –логикалык ойлоосу эң сонун.

***Баланын мектепке даярдыгын анын кебинин өнүгүүсүнүн*** деңгээли менен да аныктоого болот. Бул баланын оозеки жана жазуу кеби менен түшүндүрүлөт. Эгер баланын оозеки кеби жакшы өнүккөн болсо, анда жазуу кебин өнүктүрүү анчалык деле кыйынга турбайт. Мектепке чейинки мезгилде баланын өнүгүүсүндө кеп негизги ролду ойнойт. Беш-алты жаштагы бала уккан жомогун, аңгемесин кайра айтып берүүгө, сүрөт боюнча кыска аңгеме түзүүгө, аңгемелешүүгө тийиш.

Аңгемелешүүдө бала өзүн кандай алып турат, суроолорду кандай кабыл алды, аларга кандай жооп берди.

Кебинин өнүгүү деңгээлин анализдөөдө:

- сөз байлыгы;
- кептин грамматикалык тууралыгы (жекелик же көптүк санда сүйлөшү, жөндөмө мүчөлөрдү туура колдонушу);
- түшүнүүсү, жагдайды туура түшүндүрө билүүү жөндөмдүүлүгү жана кыскача аңгеме түзүүсү;
- аңгемелешип жаткан адамдын суроолорун, сөзүн түшүнүүсү, ага жооп бере билүүсү;
- тыбыштарды айтуу сапаты;
- баланын өзү менен өзү сүйлөшүшү. *Мисалы:* куурчак ойноп жаткан кыздын же машина ойноп жаткан баланын кеби эске алынат.

Баланын акылы, ой жүгүртүүсү менен башталган сүйлөмдү же ойду аягына чыгаруусун, жыйынтыктоосун байкоо да өзүнүн оң натыйжасын берет:

Кыш келди, ошондуктан……………

Атчан адам жөө адамга караганда тез жүрөт, анткени……..

Коен карышкырдан коркот, себеби……..

Күн бүркөлдү, эми…..

Ит үрүп жатат, демек сыртта……….ж.б.

Укканын тамгалар менен эмес, тегерекчелер аркылуу жазуу. Сөздө канча тыбыш болсо, ошончо тегерекче коюу керектигин балага түшүндүргөн соң, ал канча тыбыш укса, ошончо тегерекче коюуга тийиш.

М: үй- о о, күн-о о о, апа-о о о, мышык-о о о о о ж.б.

Ошондой эле схема сөздөрүн окуу б.а. кайсы тегерекче

кайсы сүрөткө таандык экенин көрсөтүү, сүрөткө карап тегерекче коюу ж.б.

үндөрдү ажырата билүүсү. М: дарак-тарак, сат-саат, жат-шат ж.б.

Сөздүк запасынын абалы. Мектепке чейинки мезгилде баланын сөздүк запасы 2000 сөздөн кем болбоого тийиш. Айрым балдардын сөзү 5000ге чейин жетиши мүмкүн.

Суроолорго туура жооп берүүсү, сүйлөмдөрдү түзүүдө сөздөрдү өз орду менен пайдалана алуусу ж.б.

Байланышуу кебинин өнүгүүсү. Өз оюн эркин айта алуусу. Чыгармачылык жана факт боюнча аңгеме кура билиши.

Бала факт боюнча айтканда көргөнүн, укканын, кабыл алгандарын эстеп айтат. Ал эми чыгармачылык менен айтууда көркөмдөп, реалдуу чындыктан бир аз чыгып айткандыгын байкоого болот.

Ошондой эле баланын айтып берүүсү мүнөздөөчү жана сюжеттүү болушу мүмкүн.

Жаныбарлардын, өсүмдүктөрдүн мүнөзү, белгилери, сырткы көрүнүшү жөнүндө айтуусу мүнөздөөчү болуп эсептелет. М: кара улак сулуу, куйругу кыска, кулактары кичине ж.б.

Ал эми сюжеттүү айтып берүү мазмундуулугу, башталышы, аякталышы бар экендиги менен айырмаланат. Мында балага кыска жомок же аңгеме айтып берип, кайра айттыруу, сүрөткө карап аңгеме түздүрүү, өз үй-бүлөөсүнө мүнөздөмө берүү, кыялдануулары айттыруу.

***Сөздүк абалын билдирүүчү тапшырмалар аркылуу*** баланын мектепке даярдыгын аныктоого болот.

- Белгилүү бир топтогу буюмдарды атоо. М: гүлдөр, жаныбарлар, дарактар ж.б.
- Белгилүү бир буюмдун, заттын белгилерин айттыруу.
- М: кар - ак, жумшак, муздак ж.б.
- Буюмдарга мүнөздүү болгон иш-аракеттерди атоо.М: китепти сатып алышат, окушат, көрүшөт. Гүлдү - эгишет, сугарышат, үзүшөт, белекке беришет, сууга салып коюшат ж.б.
- Синонимдерин табуу м: чоң, бийик,
- Антонимдерин табуу м: ак-кара, жаш-кары, күн-түн, ачуу- таттуу ж.б.

- Өзүн курчап турган буюмдарды айта алабы?
- Чоң адамдардын берген суроолоруна жооп бере алабы?
- Буюмдардын эмне үчүн керек экендигин түшүндүрө алабы? М: муздаткыч, чаң соргуч, стол, сандык, шыпыргы, кетмен ж.б.
- Буюмдардын кайсы жерде тургандыгын түшүндүрүп айта алабы? М: столдун үстүндө, дубалдын боорунда, стулдун астында, жанында ж.б.
- Көргөндөрүн (окуялар) айтып бере алабы?
- Сөздөрдү так айта алабы?
- Сүйлөшүүдө сүйлөмдөрдү туура түзө алабы?
- Чоң адамдардын сүйлөшүүсүнө аралашып, эркин сүйлөй алабы?

***Эмоционалдык өнүгүүсүнүн деңгээлин баалоо.***

- Баланын маанайы жайдарыбы (үйдө, досторунун арасында)?
- Өзүн инсан катары, ишенимдүү кармай алабы?
- Адат болгон күн тартибинен башка ишке тез эле өтүп кете алабы?
- Баланын өз алдынча иштөө жөндөмдүүлүгү, тапшырманы аткарууда балдар менен мамилелешүүсү кандай?

***Мамилелешүүсүн баалоо.***

- Балдар менен аралашып ойной алабы?
- Эгер жагдай талап кылса, кезек күтө алабы?
- Сүйлөп жаткан адамга жолтоо болбой, анын сөзүн аягына чейин уга алабы?

***Ден соолугунун абалын баалоо.***

- Кулагы кандай угат?
- Кандай көрөт?
- Бир нече убакытка чейин шоктонбой отура алабы?
- Кыймыл-аракети, шамдагайлыгы кандай? М: секирүү, шатыга чыгуу жана түшүү, топту тутуу жана ыргытуу ж.б.
- Бала сыртынан караганда кандай көрүнөт (ден соолугу чың, курсагы ток, жүдөө, түнт, жайдары, чарчаңкы эмес ж.б.)?

***Көрүп ажыратуусу.***

Сүрөттү карап туруп, окшош жана окшош эмес деп ажырата алабы? М: Бир караганда окшош, бирок байкалбаган айырмачылыгы бар сүрөттөрдүн арасынан эки окшошун табуусу.

Тыбыштарды, кыска үндүүлөрдү ажырата алабы? М: сат – саат, дарак – тарак.

***Көрүп эске сактоосу.***

- Сүрөттөрдү көрсөтүп, кайра бирин алып коюп көрсөтсө, кайсы сүрөттүн жок болуп калганын айта алабы?
- Күндөлөк турмушта колдонуп жүргөн 6-8 буюмдун атын айта алабы?

***Көрүп кабыл алуусу.***

- Сүрөттөрдү көрсөтүлгөндөй ирээт менен кое алабы?
- Солдон оңго окуу керектигин бала түшүнөбү?

***Угуу жөндөмдүүлүгүнүн деңгээли.***

- Тыбыштары окшош болгон сөздөрдүн маанисин ажырата алабы? М: жат – шат, сат – зат.
- Чоң адамдар айткан сандарды, сөздөрдү кайрадан айта алабы?
- Укканын кайра айта алабы?

***Китепке болгон мамилесин баалоо.***

- Өз алдынча китепти кароого болгон ынтызарлык барбы?
- Сиз китеп окуп берип жатканда, ал чын ыкласы менен, кунт коюп угабы?
- Айрым сөздөр жөнүндө суроо береби? М: шуру деген эмне? ж.б.

***Жалпы жана психологиялык даярдыгы:***

Балаңыз

- Эмне каалап жаткандыгын сөөмөйү менен көрсөтпөстөн, сөз менен түшүндүрө алабы?
- Мени көрсөтчү? – деген суроого жооп бере алабы?
- Бала жөнүндө башкалар кандай ойдо экендигин билеби?
- Өзүнүн атын так айта алабы?
- үйүнүн дарегин, телефонун эстеп айта алабы?
- Кагазга эмне менен жазуу керектигин (карандаш же

бор мененби?) ажырата алабы?

- Кайчы менен түз кырка алабы?
- Көрсөтмөнү угуп, аткара алабы?
- Сүйлөшүп жатканда кунт коюп угабы?
- Берилген тапшырманы кыска убакытта аткарууга киришеби?
- Ага сүйлөп, окуп берип жатканда кубанабы?
- Мен көп нерселерди жасай ала турган адаммын деп, өзүн баалай алабы?
- Чоң адамдар сүйлөшүп жатып, теманы өзгөртүп жиберсе, аралашып кете алабы?
- Баланы курчап турган буюмдар кызыктырабы? (Эмнеден жасалган? Эмне үчүн керек? ж.б.)
- Балдар менен мамиле түзө алабы?

Баланын мектептеги окуусунун ийгиликтүү болуусуна анын эске сактоосунун өнүгүшүнүн мааниси чоң. А.Р. Луриянын методикасы боюнча баланын механикалык эске сактоосун текшерип көрөлү Текшерүүнү бала кыжаалат болбой. өзүн жакшы сезип турган мезгилде, өзүңүз да жайдары маанайда, баланы эркелеткен ат менен чакырып:

*Эскертүү:* (Текшерүү жүргүзүп жаткан мезгилде баланын көңүлүн алагды кыла турган ашыкча буюмдар, үндөр болбошу зарыл)

– Азыр биз сенин эске тутууңдун кандай экендигии текшеребиз. Мен сөздөрдү окуйм, а сен мен окуп бүткөндөн кийин кайталайсың. Ошондуктан абдан кунт коюп угуп тур, даярсыңбы? Окуп баштадым, – дейсиз.

Ушундай көрсөтмө бергениңизден кийин мааниси боюнча байланышпаган 10 сөздү окуйсуз.

М:Ат, от, тоо, уй, топ, туз, күн, суу, ит, кар.

Сөздөрдү айтууда шашпастан, бардыгын бирдей темптеги үн менен жай окуу керек. Адегенде өзүңүз ушул сөздөрдү айтып машыгып алыңыз. Бардык сөздөрдү окуп бүткөнүңүздөн кийин балаңызга:

– Кана, эми сен кайталачы? – деп өтө маданияттуулук менен кайрылыңыз.

Бала айтып бүтүп токтоп калганда:

– Дагы жакшылап ойлонуп көрчү, мүмкүн дагы бир сөздү эстээрсиң, – деп кайрылыңыз. Сиз окуган сөздөрдү бала катары

менен айтам деп кыйналбасын, кайсы сөздү эстесе айта берүү керектигин эскертип коюңуз. Ал сөздөрдү атап токтоп калганда:

– Азаматсың, сен көп сөздү эстегенсиң, бирок бардыгын эмес. Кел, мен дагы башынан окуйм, а сен кайра башынан кайталайсың? Бардыгын атоого аракет жаса, баягы айткан сөздөрдү азыр кайталасаң да боло берет, - деп кайрадан окуйсуз.

Жогорудагыдай эле окуп бүткөндөн кийин сураңыз. Анын айткан сөздөрүнүн тушуна (+) белгисин коюңуз.

Балага жогорудагы сөздөрдү үч жолу окуп, үч жолу анын жообун уккандан кийин төмөндөгү таблицада белгиленгендей кайсыл сөздөр эсинде калгандыгын кайрадан сураңыз.

Сизде сүрөттөгүдөй 5 – 8 – 10 – 8 сандардын көрсөткүчү пайда болду дейли. Бул баладагы механикалык эсте сактоонун жакшы экендигинен кабар берет.

Таблица №2

| | Ат | От | Тоо | Уй | Топ | Туз | күн | Суу | ит | Кар |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| I | + | | + | | | + | | + | | + |
| II | + | + | + | | + | + | | + | + | + |
| III | + | + | + | + | + | + | + | + | + | + |
| IV | + | + | + | + | + | | + | + | | + |

Экинчи жолу окуганыңызда 8 сөздү эсинде сактап кала алган.

Үчүнчү жолу окуганда 10 сөздү эстеп калган да, 5 мүнөттөн кийин 2 сөздү эсинен чыгарып койгон. Буга капа болуунун зарылдыгы жок. Анткени, баланын механикалык эске сактоосу жаман эмес.

Баланын оң же сол кол менен иштөөсүн аныктоо үчүн М.С.Князева менен В.Ю.Вильдавскийдин тестин сунуштайбыз (67.18). Тестти аткарууда баланын маңдайына отуруп, ага:

– “Кел экөөбүз ойнойбуз” же “кел экөөбүз чогуу иштейли, мен сага тапшырма берем, а сен аны жакшы аткарууга аракеттен”, – деп кайрылуу керек.

Бала колдоно турган буюмдарды столдун так ортосуна коюп, андан соң тапшырмаларды аткарууну сунуштайбыз.

*Биринчи тапшырма* – сүрөт тартуу. Балага түстүү

карандаш, ак кагаз берип, өзү каалаган сүрөттү тартуу керектигин түшүндүрүңүз.

Айрым учурда бала “Мен сүрөт тарта албайм,” – деп баш тартышы мүмкүн. А Сиз ага мээримдүүлүк менен кайрылып, оң жана сол колу менен сүрөт тарта ала тургандыгына аны ынандырыңыз. Шаштырбаңыз. Оң колу менен тартып бүткөндөн кийин, ошол эле сүрөттү сол колу менен тартып көрөөрүн өтүнүңүз (же тескерисинче адегенде сол колу менен тартышы да мүмкүн). Эки сүрөттү салыштырып, кайсы колу менен мыкты тартылгандыгын бала өзү айтсын. Сиз да анализдөөгө катышыңыз.

*Экинчи тапшырма* – анчалык чоң эмес кутучаны ачтыруу. *Мисалы:* ширеңкенин кутучасы. Балага бир нече кутучалар сунушталат (сырты ар түрдү боектор менен боелгон же ар түрдүү түстөгү кагаздар менен сыртталган болушу мүмкүн). Кутучанын бирөөсүндө ширеңкенин таякчалары бар. Бала кутучаларды ачып, ширенкенин таякчасы жок болсо, кайра жаап, кийинкисин ачат… Таякчасы бар кутучадан аларды алып, кайра салат. Мугалим же ата-эне баланын кайсы колу активдүү иштеп жаткандыгын байкап турууга тийиш**.**

*үчүнчү тапшырма* – кутучадан кудук жасоо. Баланын кайсы колу иштеп жатса, ошол колу активдүү деп эсептелет.

*Төртүнчү тапшырма* – топ ойноо. Бала бир колу менен ыргытып, кайра тутууга ыңгайлуу болуш үчүн теннистин тобун тандоо керек. Топ адаттагыдай эле столдун так ортосуна коюлат, бала кайсы колу менен ыргытып, тутуп жаткандыгына байкоо жүргүзүлөт. Кайсы кол менен жогору ыргытса, ошол кол менен тутуу керектиги балага эскертилет.

*Бешинчи тапшырма* – даяр сүрөттү кайчы менен кыркуу. Бала кайсы колу менен кагазды кармап, кайсы колу менен кыркып жаткандыгына байкоо жүргүзүлөт.

*Алтынчы тапшырма* – топчуну, мончокту же назикти ийне менен жипке тизүү. Ийне баланын кайсы колунда тургандыгына карабастан, топчуну же мончокту ийнеге өткөрүп жаткан кол активдүү деп эсептелинет.

*Жетинчи тапшырма* – буроо менен капкакты ачуу жана жабуу. *Мисалы:* баклашканын капкагын. 2-3 баклашка сунушталат.

*Сегизинчи тапшырма* – түйүндөрдү чечүү. Өтө жоон эмес

жиптеги анчалык бекем түйүлбөгөн түйүндөрдү чечүү керектиги сунушталат.

*Тогузунчу тапшырма* – кубиктен үй, машина, чеп (коргон) ж.б. куруу.

Мында баланын кайсы колу менен иштеп жаткандыгын байкоо бир топ татаал. Анткени ал эки колдоп курушу мүмкүн. Ошондуктан баланы шаштырбастан, кайсы колу менен кыйшайган жерлерди оңдогондугун, кайсы колу менен коюп жаткандыгын байкоого болот.

*Онунчу тапшырма* – баладан үйдүн, дарактын, адамдын сүрөтүн тартуусун өтүнүү. Тартып бүткөндөн кийин, экинчи колу менен да тартып көрүшүн сурануу.

Таблица №3

| № | Оң кол | Сол кол | Эки кол менен |
|---|---|---|---|
| 1. | + | | |
| 2. | | + | |
| 3. | + | | |
| 4. | | | |
| 5. | | | |
| 6. | | | |
| 7. | | | |
| 8. | | | |
| 9. | | | |
| 10. | | | |

Баланын мектепке даярдыгын аныктоочу критерийлердин бири болуп баланын окууга болгон ынтызарлыгы, дилгирлиги эсептелет.

Америкалык психологдор тарабынан иштелип чыккан баланын мектепке даярдыгын аныктоо боюнча критерийлерди сунуштайбыз:

*Сиздин балаңыз менен өз ара мамилеңиз, аны окууга даярдоодо сиздин ролуңуз.*

( Мүмкүн болушунча чынын айтууга аракеттениңиз)

– Балаңыздын кылык-жоругу сизге жагабы?
– Балаңыз сүйлөп жатканда, кунт коюп угасызбы?
– Балаңыз сүйлөп жатканда аны карап турасызбы?

– Бала айтып жаткан нерсесинин маанилүүлүгүн туя ала турган жагдай түзүүгө аракеттенесизби?
– Балаңыз сүйлөп жатканда анын кебинде кетирген каталарын оңдойсузбу?
– Кетирген каталарын өзү сезеби? Оңдоого аракеттенеби?
– Баланы мактайсызбы? Өбөсүзбү?
– Бала менен бирге күлөсүзбү?
– Ар күнү балага китеп окуу, аны менен аңгемелешүү үчүн убакыт бөлөсүзбү?
– Баланын кызыккандыгы жана кызыгып аткаргандыгы үчүн мактайсызбы?
– Баланын жеке өзүнө гана таандык жок дегенде бир эки китеби барбы?
– үйдө баланын өзүнө гана таандык орду барбы?

### *Болочоктогу окуучу жасай алабы?*

– Бир иш менен алек болуп, 20 – 30 минута бир орунда отурууга чыдамы жетеби?
– Жөнөкөй тапшырмаларды аткара алабы? М: Адамдын сүрөтүн тартуу.
– үлгүгө карап, окшоштуруп сүрөт тарта алабы?
– Чоң адамдын айтып берүсү боюнча 4 -5 минута сүрөт тартуу.
– М: тегерек –үч, үч– тегерек, андан соң жогорудагыдай темпте улантуу.
– Клетка боюнча чоң адамдын айтуусу менен сүрөт тартуу. М: үч клетка оңго, үч клетка жогору, үч клетка оңго, үч клетка төмөн, бир клетка оңго, бир клетка жогору, бир клетка оңго, бир клетка төмөн, үч клетка оңго ж.б.
– Адегенде, анан кийин, мурда, кийин, көп, аз, бирдей, ар түрдүү ж.б. түшүнүктөрдү ориентировкалашы.
– Көрүп эсте сакташы.

Эмоционалдык эрки тарбияланган, зирек бала башка адамдардын азили менен эсептешет, тултуңдап таарынбайт, теңтуштары менен урушбайт, жалпы тил табышып, өзүн токтоо кармайт.

Балдар мектепте эмне иш кылышат? – деген темада аңгемелешүгө ата-энелер да ынтызар болууга тийиш.

Ата-энелер үчүн бурчта аңгемелешүүнүн тематикалары, оюндардын сценарийлери, мектеп турмушун чагылдырган сүрөттөр илинүүсү талапка ылайык.

Ошондой эле балдарга таанып билүү кызыгууларын өнүктүрүүчү суроолорду берип, М: Эмне үчүн жылдыздар күндүзү көрүнбөйт? Эмне үчүн кар жаайт? Эмне үчүн күн күркүрөйт? ж.б. суроолорго жоопту биз мектепте, китептен үйрөнөбүз деген сыяктуу аңгемелешүлөрдү жүргүзсөк, алардын китеп окууга, билим алууга болгон кызыгуулары артат.

Эске сактоосунун көлөмүн аныктоодо Джекобсондун методикасын сунуштайбыз. Бала сиз айткан цифраларды ирээти менен кайталоого тийиш.

1. 2,5, 9
2. 3, 7,1,8
3. 5,0,3, 9, 6
4. 7,4,5.8, 2. 0
5. 1,4,9,3, 7, 5,2

Өзүңүз байкагандай адегенде үч цифрадан баштап,улам бирден цифра кошуп, жети цифрага чейин улантасыз. Баалоодо баланын жети цифраны айтканын эсептейсиз. Эгерде 5-катардагы жети цифранын баарын айтса, 10 балл. Алтоону айтса 9,бешөөнү айтса 7, төрттү айтса 4, үчөөнү айтса 1 балл коюлат.(          )

Бала менен сүйлөшүүдө анын пикирин кунт коюп угуп, ага өтө этияттык менен, сылык, жөнөкөй, жайдары мамиле жасоо талап кылынат. Эгерде сиздин сөзүңүз, үнүңүздүн бийиктиги, мамилеңиз кичине эле жакпай калса, ал сиз менен кызматташ болуудан баш тартарына ишене бериңиз.

*Биринчи класстын окуучусу :*

**-**өзүнүн үй дарегин;

- мектебинин дарегин;
- телефон номерин;

-ата-энесинин иштеген жерин, кызмат абалын, телефон номерин.

-үйүнөн мектебине, кайра мектебинен үйүнө баруучу жолду;

-жол эрежелерин, жөө адамдар өтүүчү жерди, светофордун белгилерин;

-үйүн кулпулаганды жана ачканды, телефондо звонок

кылууну;

-аба ырайынын өзгөрүшүнө ылайык кийине билүүгө, өзүнүн кийимдеринин тазалыгына көз салууга, бут кийимдерин тазалоого, жуунуп-тарануууга, тамакты ысытууга, тамактангандан кийин дасторконду, столду жыйыштырууга, тамактанардын алдында жана туалеттен кийин колун жууганга;

-окуучу ата-энесин, мугалимди кунт коюп угууга, алардын айткандарын аткарууга, эч нерсеге алаксыбастан эмгектенүүгө, окууга, чоңдордун, мугалимдердин берген суроолоруна уялбастан, тартынбастын так, туура жооп берүүгө, башкаларга суроо менен кайрылууга, өзүнүн убактысын туура бөлүштүрүүгө, пландаштырууга жана өткөрүүгө, үйгө берилген тапшырмаларды эч кимдин эскертүүсүсүз эле аткарууга;

-мектеп жамаатында жолдошторунун эң жакын досу болууга, өзүнүн дарегине айтылган сын пикирди туура кабыл алууга, достору менен китеп, оюнчук ж.б. буюмдарын тең бөлүшүүгө, ар кандай шартта досторуна жардам берүүгө даяр болууга тийиш.

**1-класстын окуучуларынын ата-энелери үчүн эскертме**

Мектеп менен биргелешип иштегенде гана окутуунун жана тарбиялоонун ийгиликтери жаралат.

1. Ата-энелер чогулушуна жана сабакка сөзсүз катышыңыз. Эгер мүмкүнчүлүгүңүз болбой калса, класс мугалимине жолугууну, звонок кылууну же кат аркылуу билдирүнү унутпаңыз.

2. Балаңыздын мектептеги, класстагы ар кандай класстан, мектептен тышкаркы иштерге катышуусуна өбөлгө түзүңүз.

3. Баланын (өзү, достору, мектеп жөнүндө ж.б.) айткандарын аягына чейин угуңуз. Баланын кыжаалатчылыгын тең бөлүшүңүз.

4. Мектепке сөзсүз жардам бериңиз. Ата-энелер менен жекече иштөөнүн эң зарыл этабы болуп, ар бир окуучунун үй-бүлөлүк турмушу менен жакындан таанышуу эсептелет.

5.Бала менен мамилелешүүдө эч качан аны менен шерттешпеңиз, б.а “Эгерде сен муну кылсаң, мен...” деп шарт койбоңуз. Аткарылбай калган шарт ар кандай жагдайларга дуушар кылышы мүмкүн.

6. Бала менен сүйлөшүүгө убакыт табыңыз. Телевизор көрүп отуруппу же тамак үстүндөбү, болбосо үйдөгү бир ишти аткарып жаткандабы, айтор бала менен сүйлөшүүгө болот.

7. үйдөгү бардык адамдар бала менен бирдей тактикада сүйлөшкүлө. Чоңдордун ортосундагы ар кандай талаш-тартыштарды бала жокто чечкиле. Эгерде сиз баланы тарбиялоо боюнча жардамга муктаж болсоңуз, мугалим, врач, психолог менен сүйлөшүңүз. Ата-энелерге арналган китептерди окуңуз.

8. Окуу жылы ичинде кризистик мезгил болоорун унутпаңыз. Ал мезгилде баланын ишке болгон жөндөмдүүлүгү төмөндөйт, тез чарчайт. Бул 1-класстын окуучуларында экинчи чейректин аягына болжол менен 15-декабрларга туура келет. Ушул мезгилде баланын абалына өзгөчө көңүл буруу керек.

*9.* Баланын башынын ооруп жатканын айтып даттанганына көңүл кош болбоңуз. Бул анын окуу ишиндеги кыйналышынын белгиси деп билиңиз.

10. Балаңызга жомок айтып бериңиз. Мейли ал биз айткандай “чоң бала же кыз” болсун (биз көбүнчө башталгыч класстын окуучуларына «сен чоң киши болуп калдың»,- деп кайрылабыз). Уйкунун алдында жомок окуп же айтып берүү, эркелетүү, ырдап берүү өтө пайдалуу. Кечке чарчаган бала аябай жакшы уктайт. Уктоонун алдында турмуштагы өйдө-ылдыйлар, эртеңки боло турган иштер, алардагы кыйынчылыктар жөнүндө дегеле сөз козгобоңуз ж.б.

– Эртең жаңы күн. Сиз ал күндүн көңүлдүү, жемиштүү болушуна кам көрүңүз. Балага ачууланбай, кейип-кепчибей эле ийгиликтерге жетишүүгө болот.

Чогулуштун аягында ата-энелер менен педагогикалык практикум өткөрүү керек. М:

1. Фамилиясы,аты

2. Туулган жылы, күнү.

3. Ал эмне жасай алат? (тамгаларды тааныйт, окуганды билет, санай алат, жазат ж.б.)

1. Эмне кылганды жакшы көрөт? (сүрөт тартканды, пластилин ойногонду ж.б.)

2. Кайсы колу менен иштейт? (жазууда, сүрөт тартууда, тамактанууда -оң, сол)

3. Аңгемелешкенди жакшы көрөбү? Жомокторду, көргөн кинолорун, мультфильмдерин кайра айтып бере алабы?

4. Бардык тыбыштарды туура айта алабы? (Эгерде айта албаса, кайсы тыбыштарды туура эмес айтат?).

5. Ал кандай уктайт? (тынч, тынчы жок, тез эле уктап калат, уктай албай көпкө жатат, коркунучтуу түштөрдү көрөт, уктап жатып сүйлөнөт, туруп басып кетет, төшөктү суулап коет, тишин кычыратат)

7. Балдар менен кандай мамиледе? (достошо алат, урушчаак, жоош, шок, таарынчаак, жалгыз ойногонду жакшы көрөт)

8. Мектепке чейинки мезгилде ооруганбы? Эгер ооруса, кайсы оору менен ооруган?

9. Балаңыздын мүнөзү жөнүндө эмне айткыңыз келет? Балаңызга өзүңүздүн окуучулук күндөрүңүздөгү эң сонун, эң жагымдуу эсте калган күндөр жөнүндө айтып бериңиз. Ар бир адам өзүн окуучу сезүүсү кандай керемет экендигин түшүндүрүңүз.

**Таблица №4**

| **Аткарыңыз** | **Эсиңизде болсун** |
|---|---|
| Балаңызды кубандырыңыз. | Бала сүйлөп жатканда анын сөзүн бөлбөңүз. |
| Бала менен камкор, дилгир, жагымдуу маанайда сүйлөшүңүз. | Өтө көп суроолорду бербеңиз. |
| Балаңыз сүйлөп жатканда кунт коюп угуңуз. | Баладан колунан келбеген ишти аткарууну талап кылбаңыз. |
| Балага талапты так коюңуз. | Бир эле мезгилде өтө көп талапты койбоңуз. |
| Бала менен сүйлөшүүдө мүмкүн болушунча буюмдардын атын айтууга аракеттениңиз. | Баланын көзүнчө башка адамдардын жетишпеген жактарын айтпаңыз. |

| | |
|---|---|
| Сиздин кебиңиз жөнөкөй жана түшүнүктүү болууга тийиш. | Бала үчүн түшүнүксүз сөздөрдү айтуудан алыс болуңуз. |
| Чыдамдуулук менен токтоо сүйлөңүз. | Шашкалактап сүйлөөгө көнбөңүз. |
| Ар күнү китеп окуп бериңиз. | Уктоонун алдында коркунучтуу жомок айтпаңыз. |
| Суроо бергендиги үчүн мактап коюңуз. | Баланын берген суроолору жоопсуз калбасын. |
| Балаңызга балдар менен мамилелешүүгө мүмкүндүк бериңиз. | Оюнчугун берип жатып эч кимге бербей өзүң ойно деп эскертпеңиз. |

## *Ата-энелер үчүн тест*

Сиз кандай ата-энесиз, чыдамдуусузбу же тескерисинчеби ? Төмөндөгү суроолорго жооп берүү менен сиз өзүңүздүн балаңызга кандай тарбия берип жаткандыгыңызды билесиз.

Суроолорго так жооп берүүгө аракеттениңиз.

1. 1.Балаңыздын эң кичинекей кезинен чынчылдыгына сыймыктанасызбы?
Ооба. Жок.

2. 2. Балаңыз жакшы баа алып келгенде мактайсызбы?
Ооба Жок.

3. Аял менен эркектин өз ара мамилесине байланышкан балаңыздын суроолоруна туура жооп бере аласызбы?
Ооба. Жок.

4. Медиктердин талабына ылайык балаңызды кантип тамактандырууну билесизби? Ооба. Жок.

5. Балаңыз 7 жаштан өткөндөн кийин сиз аны өбөсүзбү? Ооба. Жок.

6. Баланын өзүнүн бөлмөсүн өзү ирээтке келтирүүсүн талап кыласызбы ? Ооба. Жок.

7. Өзүңүздүн катаңызды балаңыздын катышуусу менен сезүүгө жөндөмдүүсүзбү? Ооба. Жок.

8. Балаңыздын жашыруун сырын (күндөлүк, кат) сыйлайсызбы ? Ооба. Жок.

9. Тез-тез кайталанып туруучу адттарыңыз барбы? “Биздин убагыбызда”, “бала деген баладай эле болуш керек” ж.б. Ооба. Жок.

10.Өзүңүздүн кайгы кубанычыңызды балаңыз менен бөлүшөсүзбү ? Ооба. Жок.

11. Баланы жазалоо иретинде телевизор көрүү укугунан ажыратасызбы ? Ооба. Жок.

12. Балаңыздын бош убактысын кадай өткөрүп жаткандыгын сурайсызбы ? Ооба. Жок.

13. Эгерде кимдир бирөө робот-тарбиячы ойлоп тапса, ал ата-эненин ордуна тарбиялаorigса, сиз ал машинаны сатып алар белеңиз? Ооба. Жок.

14. Башкалардын катышуусу менен балаңызды сындайсызбы жана жазалайсызбы ? Ооба. Жок.

Эми ооба деген жоопторду 1 балл, ал эми жок деген жоопторду 0 балл менен эсептеңиз.

1-2 балл. Сиз ата –эненин ролун толук туура өздөштүрө алган эмессиз. Өтө эле каардуусуз. Сизге бир аз чыдамдуу болуңуз деген кеңеш беребиз.

3-4-5 балл. Сиздин жүргүзүп жаткан тарбиялык ишиңиз өзүңүз үчүн гана туура . Анчалык каардуу жана ачуулуу болбоңуз. Балага өз алдынчалыкка мүмкүнчүлүк бериңиз.

6-7-8 балл. Жыйынтыгыңыз орто .Турмуштагы позицияңыз туруктуу эмес. Балага талапты коесуз, бирок алыңыз да туруктуу эмес. Өзүңүздү өзүңүз тарбиялаңыз.

9-10-11 балл. Өзүңүздүн балдарыңызды акылдуулук менен тарбиялап жатам деп ойлойсуз. Бирок педагогиканын жетишкендиктери менен тааныш эмессиз. Өзүңүздүн педагогикалык билимиңизди өркүндөтүүгө шашылыңыз.

12 балл. Сиз турмушта сейрек кездешүүчү ата-энесиз. Балдардын ишенимдүү жөлөгөсүз. Балдарыңыз сизден турмуштун проблемаларын оңой эле үйрөнүп алышат.

13 балл. Куттуктайбыз ! Сиз өзүңүздү укмуштай сонун ата-эне катары эсептесеңиз болот. Эгерде сиз педагог болуп иштесеңиз турмушта өз ордуңузду таапсыз, а эгерде педагог болбосоңуз балдарыңызга кудайым бериптир.

***Балаңызга окуп бериңиз.***

Бал тил балалык.

Бала сүрөт тартат. Барактын бетин бүт кара боек менен боеп. Дагы дагы бир жерине кызыл боек менен чоң чекит коюп койгон.

Апасы: - Бул эмненин сүрөтү ?

Баласы: - Негр көмүр ташып жатат.

-А бул кызыл эмне?

- Ал сигарет чегип жатат.

Тилек төрт жашта

Телевизордон “Келегой бөбөк көрөгой” деген беруудөн чеьурашка менен крокодил жөнүндөгү мультфильмди карап отурган Улукман:

-Апа, эмне үчүн чебурашка крокодилди Гена аке, сиз дебейт? Крокодил чоң эмеспи –дейт.

Улукман төрт жашта

Китептеги Т.Сатылгановдун сүрөтүнүн алдындагы “1864-1933”деген эмне болгон сандар ?
-үйүнүн телефон номери.

Афтандил беш жашта

-Сенин үйүң кайда?-деп сураса:
-Асмандын жанында –дейт бешинчи кабатта жашаган төрт жаштагы Азиза.

-үйүңө барышты билесиңби, кантип барасың?-десе,
-Ооба,жолдун чети менен барам дейт үч жаштагы Расул.

Индюктун корозунун мойнундагы кыпкызыл салаңдаган мончокчолорун көргөн Аида:
-Мага да ушундай мончок алып бериң-деп ыйлайт атасына.

Аида 2,5 жаш

Апасынын үйдү өзүнчө:
“Ала-Тоо ак калпагын кийген кезде...” ырдаганы кулагына сиңип калган Зарина телевизордон ушул ыр жатса,
-Бул ырды телевизор апаман үйрөнгөн-дейт

Зарина 3 жашта.

-“К” тамгасы менен башталган кандай шаарларды билесиң?
- Кара-Көл,Кызыл-Кыя,командировка.

Майрамбек 5 жашта.

Сен чоң энеңди майрамы менен куттуктадыңбы?
-Чоң энем аял эмес да.

Роза 3 жашта.

Улактардын чуркап ойноп жатканын карап турган Аида:
Негр улак баарынан кыйын чуркайт экен- дейт кара улактын шамдагайлыгына таң калып.

Аида 3 жашта.

-Алло, үйдө ким бар?
-Атам.
-...
- Мени үйдө жок деп койгун деген эле да.

Азамат 4 жашта.

-Канчага чыктың?
-Шатыга.

Улан 2,5 жашта.

-Сен кимди жакшы көрөсүң?
-Апамы.
-Эмне үчүн жакшы көрөсүң?
-Ал дагы мени жакшы көрсүн үчүн.

Минара 3 жашта.

-Апасы:
-Тарелканы ким сындырды?
-Мен эмес. Бирок башка сындырбайм.

Аселя 3 жашта.

-Атаң кайда кетти ?
-Ишке.
-Кайда иштейт?
-Иште.

Акдана 3 жашта.

Медициналык эмблеманы карап турган Тинатин :
-Жылан вареньени жакшы көрөт.

Тинатин 3 жашта.

-Расул, балка менен ойнобо!
Бармагыңды чаап аласың.
-Чаппайм, мыкты Азиза кармап турат.

Расул 3 жашта.

-Апа, бул кишинин төбөсүндө эмнеге чачы жок?
-Акырын угуп калбасын...
-А эмнеге өзү билбейби...?

Ислам 3 жашта.

Самат, эмнеге ыйлып жатасың?
-Башымды столго уруп албадымбы.
-Качан?
-Кечээ.
-Ошого эми ыйлаганың кандай?
-Кечээ үйдө эч ким жок болчу.

Самат 4 жашта.

-Автандил, жер алдынан казылып алынчу кендерди атап берчи.
-Алтын,күмүш,жез,темир,көмүр.
-Дагы...
-Картошка...
Автандил 5 жашта.

-Улан, аквариумдагы сууну жаңыладыңбы ?
-Жок , алар мурдагы суусун да ичип түгөтө элек.

Улан 4 жашта.

-Ата сизкойондордон коркосузбу?
-Эмне үчүн сен антип ойлойсуң?
-Коркпосоңуз токойго итти ээрчитип барбайт элеңиз дейм да.

Кылыч 4 жашта.

-Менин атамдын бою сенин атаңдын боюнан узун.
А, менин атамын  ичи чоң.

Арыстан 3,5 жашта.

Бешенеси көгөрүп кирип келген баласына апасы:
-Эмне болду?
-Жыгылдым.
-Ыйлагандырсың?
-Жок, такыр ыйлабадым.
-Эмне үчүн ыйлаган жоксуң?
-Жанымда эч ким жок эле.

Эралы 5 жашта.

Баласы терезеден сыртты карап:
-Кар жаап келди...-десе
Газета окуп отурган атасы, газетадан көзүн албай
-Мени үйдө жок деп кой дейт.

Равшан 4 жашта.

-Апа, мен кимге окшошмун?
-Мага.
-А, сиз кимге окшошсуз?
-Мен да апама, таенеңе окшошмун.
-Таенем кимге окшош?
-Ал дагы апасына окшош.
Анда баарыбыз катар турсак матрешка болот экенбиз да.

Минара 4 жашта.

Чоң энеси жасалма тиштерин алып, чынысдагы суугa салганын  карап турган Роза:
-Эми көздөрүңүздү чыгарыңызчы.

Роза 3 жашта.

Телефон шынгырайт.
Трубканы 4 жашар Кыяз алат.
-Семетейди чакырып койчу.
-Бизде андай адам жашабайт.
-Кечиресиң силердин телефонуңар кандай?
-Кызыл.
-Жок,мен номерин сурап жатам.
-Номерлери ак.

-Апа, көчөгө чыгып ойной берейинби?
-Ушундай кир мойнуң мененби?
-Жок, досторум менен.

Тариел 3 жашта.

Акдана апасы менен туулган күнгө мейманга бара жатышат.
Жолдо Акдана апасына:
-Апа, атамды деле биз менен жүр дебейлиби?
Анын да тамак жегиси келет да.

Акдана 3 жашта.

-Түндөсү дагы кар жаайбы?
-Ооба.
-Кайсыл жерге түшүү керектигин кантип көрүшөт?

Элнур 3 жашта.

Жаңы көйнөк кийип, күзгүдөн өзүн көрүп:
-Мен кандай сулуумун, биздин тотукуштай.

Марал 3 жашта.

Мен көлдү кичинекей Жазгүлгө көрсөтүп :

-Ысык-Көл деген ушул десем, ал:
-О, калпычы десе, ысык эмес тура- дейт эринин чормойтуп.

Жазгүл 3 жашта.

Элдар көлдүн кумун ойуп,
Түбүнөн суу чыгарып , ушуга сүйүнүп отуруптур.
-Элдар, бул эмне?- деп сурасам.
-Бул көлдүн баласы,- дейт.

Элдар 4 жашта.

-Бул ким мама ?
-Ким эмес, эмне.Бул-айунун баласы, мамалак.
-Мама-лак? А папа-лак кайсы ?

Зыйнат 4 жашта.

### ***Окуучу болууга даярмынбы?***

(Бала үчүн тест)

Балаңыз мектепте ийгиликтүү окуу үчүн билим, ык, машыгуулар жетиштүү эмес. Бул тест аркылуу баланын эмоционалдык жана психологиялык даярдыгын аныктоого болот. Бул тестти балаңызга окуп бериңиз. Эгер балаңыз “ооба” деп жооп берсе + белгисин, ал эми “жок” десе жөн эле коюңуз.

1. Мага үйдө же бала бакчага караганда мектепте кызыктуурак болот.
2. Көп нерсени билүү жана үйрөнүү үчүн мектепте окугум келет.
3. Мектепте “төрт” жана “беш” деген баага окуйм.
4. Танаписке караганда сабактардын көбүрөөк болгону мага жагат.
5. Менин мектепке баргым келет, анткени окуучуларда дептер, китеп, ручка бар.
6. Менин агаларымдай жана эжелеримдей болуу үчүн мектепке баргым келет.
7. Класстагы балдардын баары менин досторум.
8. Мектепте досторум менен окуганга караганда көбүрөөк

ойногум келет.

9. Ата-энелерим менин мектепке барышымды каалашкандыгы үчүн мектепке барууга туура келет.

10. Бала бакчада дагы бир жыл калсам жакшы болот эле.

11. Мектепке баруу мага коркунучтуу.

12. Мектепке барбаш үчүн кичинекей болгум келет.

Жооптордун таблицасы:

1 2 3 4 5 6 7 8 9 10 11 12

1-4 “+” белгилердин көп коюлушу баланын мектепке эмоционалдык даярдыгынын жогорку деңгээлде экендигин билдирет.

5-8 “+” белгилердин көп коюлушу баланын окууга караганда оюнга көбүрөөк алаксыгандыгын билдирет.

9-12 “+” белгилердин коюлушу баланын мектептен корккондугун, мектептен, окуудан качууга даярдыгын билдирет.

Айбанаттардын баласын сүйүүсү.

Хусеин Карасаев

Жылкы сүйөт баласын кулунум деп,
Минсе-түшсө билбеген дулдулум деп.
Төө да сүйөт баласын тайлагым деп,
Талдын башын сындырган ардагым деп.
Уй да сүйөт баласын торпогум деп,
Караңгыда баспаган коркогум деп.
Кой да сүйөт баласын коңурум деп,
Сатса-сойсо билбеген момунум деп.
Эчки сүйөт баласын улагым деп,
Таштан-ташка секирген чунагым деп.
Ит да сүйөт баласын күчүгүм деп,
Жерден мурдун албаган бүчүгүм деп.

Күкүк

Илгери-илгери күкүк абдан сулуу эне болгон экен. Анын беш баласы болуптур. Бир күнү ооруп калат. Беш баласы үйдө

өздөрү менен өздөрү чурулдашып, апасына карашпайт. Күкүк эне ооруп жатып суу ичкиси келет, балдарынан суу сурайт. үйдө суу да жок болот. Бир баласы сууга кеткен бойдон көпкө келбейт. Ал көчөдөгү балдар менен ойноп жүргөн болот. Балдарына аябай капа болгон эне куш болуп учуп кетет. үйүнө кайра келбейт. Ошондон бери күкүк жумурткасын башка куштардын уясына тууп таштайт. Анын жумурткасын башка куштар басып |чыгарат.

## үкү менен карга
(Вьетнам эл жомогу)

Илгери-илгери өткөн заманда үкү канаттуу куштардын сүрөтчүсү болгон экен. Канаттуулар үкүгө келип, өздөрүнүн көйнөктөрүн көк, ак, кызыл, сары, жашыл, ж.б каалаганындай түстөргө боетуп кетишчү. Бир күнү карга келип:

-Менин көйнөгүмдүн эч кимде жок боек менен боеп берчи. Канаттуулардын баары мага суктанышсын-деп суранат.үкү макул болот. Кандай түс менен боесом деп көпкө ойлонот да, аны кара боек чыланган идишке башын  чыгарып  отургузуп, башын, тумшугун кара боек менен боейт. Карга көпкө отурат.

Бир кезде үкү:

-Эми үйүңө учуп бара берсең болот. Абдан сулуу болуп калдың, эч бир кушка окшбойсуң-дейт. Карга үкүгө ыраазычылыгын билдирип, сүйүнгөн  бойдон үйүнө келет да, күзгүдөн өзүн  көрүп чочуп кетет.

-Карр,карр мен азыр бул сүрөтчү менен башкача сүйлөшөм-деп ачууланып кыйкырат. Карганын кыйкырганы бүт токойго угулат . үкү да угат, коркконунан бекинип калат. Ошондон  бери карга карр-карр-деп үкүнү издеп жүрөт. Ал эми үкү болсо күндүзү уктап, түнү карга уктаганда өзүнө жем издепю, учуп жүрөт.

## Музда
Турар Кожомбердиев

Тайгаланып жыгылып,
Күлүп жатат Жайна.
Чана менен бөбөгүн

Сүйрөп жүрөт Айна.
Бир конькичен сороктоп
Чуркап барат Майра.
-Туруп тепсем баары бир
Жыгылам деп кайра.
Отуруп алып муз тебет.
Томпондогон Сайра.

## Көлчүктөгү ай

Турар Кожомбердиев

Эшикке чыксам укмуш, апа,
Ары бери калтырып,
Чоӊ көлчүктүн ортосунда,
Ай жатыптыр жалтырап.

Басып барып акырын,
Колум сунуп батыраак
Жаӊы кармап алаарымда,
Сынып калды чачырап.

## Майрамбек

Турар Кожомбердиев

Шашкалактап Майрамбек
Оозун сүткө күйгүзүп,
Коркуп жатат чөйчөктөн,
Колун улам тийгизип.

Тиштен алат экен дейт,
Сүт ич десек Майрамды,
Ысык го деп калтырап,
үйлөп ичти айранды.

## Элдештирип койолу

Жолон Мамытов

Бир заманда ит, мышык,
Ынак курбу болгон дейт.
Чокой тигем итке деп,
Мышык тери чойгон дейт.
Ага-буга шылтоолоп
Алдап тикпей койгон дейт.

Ит ошондон мышыкка
Душман болуп калган дейт.
Бүтүрдүм деп мышыктын,
Бүркүнгөнү жалган дейт
Ал терини чычкандар
Эбак кыркып салган дейт.

Уяты жок мышыкты
Кулагынан чойолу.
Эби келсе ит менен
Элдештирип коелу.
Кылымдарга таарыныч
Кете берсе болобу ?

## Козу менен улак

А.Кыдыров

Козу менен Улак.
Дос эле ынак.
Бышыктачу сабак.
Бир биринен сурап.

Сүйлөсө улак,
Тосуп кулак.
Кунт койчу козу,
Көкүлүн сылап.
Ыржайып оозу,
Ырдаса козу.
Урматтап турчу,
Улак досу.

Бир ичип чайын,
Бир жүрүп дайым.
Ойночу дойбу,
Ар күнү сайын.

Кокустук болуп,
Козужан ооруп.
Сыздады жалгыз,
Ичи бук болуп.

Оорусу катуулап,
Көздөрү чачырап.
Жатканда да бир,
Көргөн жок улак.

Уятсыз улак,
Ушундай кылат.
Достукту баалап,
Билбеген чунак.

## Баланын сабакты начар өздөштүрүүсүнүн негизги себептери жана алардын алдын алуунун жолдору.

Бүгүнкү күндө айрым окуучулардын окуу программасын начар өздөштүрүүсү көйгөйлүү проблемалардын бири.

. . . Бала эмне себептен окугусу келбей калат? Окууга моюн жар бербөөнүн феномени - окуучулар арасынан байкалчу эң бир орчундуу психологиялык кыйынчылыктардын бири. Ал өтө тамыр жайып кеткен деле көрүнүш эмес. Мындай балдар көп болбосо да, аздап жолугат, бирок алар мугалим үчүн өзүнчө эле бир балээ. Ата - энелерин да беймаза кылып бүтүшөт, алардын балалыгы да баладай өтпөйт . . .

Бала эмне үчүн начар окуйт? Же чындап эле балага билимге караганда аттестат же диплом зарылбы? . . .

Психологдордун, медицина кызматкерлеринин изилдөөлөрүнө таянып,

сабакты начар өздөштүргөн окуучуларды негизнен эки топко бөлүп кароого болот.

1. Канчалык аракеттенип, окуса да кабыл алуусу, эске тутуусу, кеби начар өнүккөн же б.а. окуу ишке жөндөмсүз балдар.
2. Окугусу келбеген же б.а. сабакка кызыкпаган, китеп окуудан качкан, үйгө берилген тапшырманы аткаргысы келбеген балдар.

Биринчи топтогу балдарга медик - социологдордун изилдөөлөрүнүн негизинде төмөндөгүдөй себептерди аныктоого болот:

1. Болочоктогу энеге жана анын баласынын организиминде бир аз деффектин болушуна экологиянын тийгизген терс таасири.
2. Болочоктогу энеге үй-бүлөдөгү, күндөлүк турмуштагы, өндүрүштөгү терс жагдайлардын эмоциялык жана дене жагынан күч келүүсү.
3. Алкоголизмдин, наркомониянын терс таасири.
4. Үй-бүлөдө конфликтердин тез-тез болуп турушу, үй-бүлө мүчөлөрүнүн маданиятынын төмөндүгү, үйдөгү психологиялык жагымсыз жагдай.
5. Баланын ден соолугунун чабалдыгы жана аларга өз убагында медициналык жардам көрсөтүлбөгөндүгү.

Медиктер далилдегендей, көрсө, бала түйүлдүк кезинде эле ааламды аңдай баштайт экен.

Кантип дебейсизби? Анда баары өз ирети менен болсун. Эненин боюна бүткөнүнө бир жума болгондо, алгач нерв системасы калыптанат. Түйүлдүк 2миллиметрге жеткенде, мээси пайда болот. 25 күн өткөндө көлөмү, 3,5 ммге жетип, түйүлдүк эң башкы дене мүчөлөрүнө ээ: жүрөк, жан териси, борбордук нерв системасы, боор, өпкө, ичеги - карыны кадимкидей калыптанып, а түгүл жыныс мүчөсү аныкталып калат. Медиктер эң күчтүү электрондук микроскоп менен беш жумалык түйүлдүктү карашса, колдорун, денесин кыймылдатып, сырт дүйнөгө болгон мамилесин билдирүүгө кудрети жетип калат экен: бир нерсе жакса, денеси жазылып, башын ийкегилейт. Бир нерсе жакпаганда, жүзүн бырыштырып, түйүнчөктүй түйүлөт. Жети жумада нерв системасындагы клеткалар биригип, ошону менен бирге мээнин ар түркүн чакмак структуралары калыптанып, денесинин кан басымы, температурасы жөнүндө информация ала баштайт.

Ошентип мээси - сезүү, туюу кудретине жетип, тажрыйба топтоп кирет. 12 жумада эненин курсагына тийген колду, нерсени туюп, калат да, 13 жумада мимикасы өнүгүп, жылмайганга, кабагын түйгөнгө жарап калат. 4 айында б.а. 16 жумада жарыкты сезип, кулагы уга баштайт. 5 айында б.а. 17 - 18 жумада баш мээси толук калыптанат да, кадимки акыл - эси бар кишидей абалга жетет. Мына ушундан баштап, ага адамдык мамилени баштоо керек. Эненин ар бир кыймыл - аракети, ой - толгоосу балага таасир бере баштайт. Эгерде эне кыжаалат болуп, жинденип, ыйлап – сыктаса, балага стресстик гормондор таасир этип, дүйнө жөнүндө терс маалымат алат. Ал эми эне жайдары болуп, күлүп - жайнап турса, анда организми эндрофиндик өзгөчө заттарды бөлүп чыгарып, дүйнөнүн бейпилдигин эшитет. Ошондуктан, жогорудан айкын болгондой кош бойлуу эне капаланганга, ар нерсени ойлоп жинденгенге болбойт. Сөз көтөрө албаганыңыз чыдамсыздыгыңыз, баланын зээндүү болушуна өзүнүн тескери таасирин тийгизет. . . .

Ал эми экинчи топтогу балдардын сабакты начар өздөштүрүүсүнүн негизги себептери кайсылар? деген суроого төмөндөгүчө жооп берүүгө болот.

Баланын системалуу түрдө сабак калтырышы. Ооруп же

кандайдыр бир себеп менен сабак калтыруу, мурунку өтүлгөн теманы өздөштүрбөй калуунун башкы себептери болот да, кийинки теманы өздөштүрүүгө өзүнүн кедергисин тийгизет. Ошондуктан, мындай шартта балага кошумча сабак өтүү талап кылынат.

Баланын сабакка болгон кызыгуусунун төмөндөшү. Ушул жерде сабакка болгон кызыгуунун төмөндөшүнө мугалимдин себепкер болуп калгандыгын танууга болбойт. Анткени, (айрым кесиптештерибиздин) өзүнүн предметин терең билбеши, билиминин тайкылыгы, окутуунун жаңы технологиялары менен куралданбагандыгы, интеллектуалдык деңгээлинин төмөндүгү, окуучуларды өзүнүн предметине кызыктыра албагандыгы, окуучулардын билим, билгичтик жана көндүмдөрүн туура эмес баалашы, окутуу процессин оптимизациялай албагандыгы, окуучулар менен такай конфликте болушу, окуучулардын окуу мотивдерин эске албагандыгы, педагогикалык тактыны бузушу ж.б. себептерди турмуш ырастап турат.

Ошондой эле мугалим ар бир окуучунун мүмкүнчүлүгүн да эске алышы зарыл. Улуу педагог В.А.Сухомлинский өзүнүн «Мугалимге жүз насаат» деген эмгегинде « . .. акыл эмгеги үчүн зарыл болуучу балалык күчтөр да бирдей эмес. Бири тез кабыл алат, ой жүгүртөт, эске түшүрөт, эсинде көпкө жана бекем сактайт. Экинчисинде болсо акыл эмгеги такыр башкача өтөт: материал эң жай кабыл алынат, билимди эсинде көпкө жана бекем сактай албайт.

А бирок кийин кээде дал мына ушул окуучу адегенде жакшы окуган окуучуга караганда окууда, интеллектуалдык өсүүдө көбүрөөк ийгиликтерге жетишкен учурлар да болот . . .

Окутуунун жана тарбиялоонун чеберчилиги менен устаттыгы - ар бир баланын күчүн жана мүмкүнчүлүгүн ачып, ага акыл эмгегиндеги ийгиликтин ыракатын таттырууда турат. Демек, бул – окууда ар бир окуучуга жекече кароо аны акыл эмгегинин мазмунунда да, убактыны пайдаланууда да колдонуу керек . . .» -- деп таамай айткан.

Мугалимдин сөзүнүн баланын сабакты өздөштүрүүсүндөгү ролу жөнүндө айтбасак да белгилүү. В.А. Сухомлинскийдин «Башталгыч класстарда окууга алгач кадам койгондо эле билимдин абдан маанилүү элементи сөз, тагыраак айтканда, мектепке киргенге чейин таптакыр белгисиз, жаңы жактары

менен баланын көз алдына тартылган, сөз менен туюндурулган чыныгы дүйнө болуп саналат. Менин көз карашымда, бала билимдин тепкичи боюнча алгачкы, эң чоң кадамын дүйнөнү сөз аркылуу таануу менен шилтейт. Сөз баланын аң сезиминде жашап, тынчын алышы, аны билимге ээ кылган курал болушу кандай маанилүү. Эгер жансыз, кыймылсыз жүккө айланышын каалабасаңыз, анда сөздү чыгармачылыктын куралдарынын бири кыла билгиле . . .

Сиз ага кызыктуу бир нерсе айтып берип жатасыз, ал болсо көзүн жалдыратып, сөзүңүз жүрөгүнө жетпей турат. Сиздин тынчызданаар жөнүңүз бар: бул кенебестик, сөзгө байымсыздык – окутуудагы чоң кырсык: эгерде бул кырсык тамырын тереңдетип жиберсе, киши билим алуудан оолактай баштайт.

Эгерде чыгармачылыктын каражаты сөз баланын көңүлүнө муюубаса, эгерде ал башкалардын оюн жаттап, өзү жаратып, аларды сөз менен туюндурбаса, анда ал, сөзгө кайдыгер, кенебес, байымсыз болуп калат. Кенебестиктен корккула, баланын көз нурунун өчүшүнөн корккула! Аны сөзгө активдүү, кумарлануу менен мамиле кылууга үйрөткүлө!» – деген сөздөрдү ар бирибиздин жүрөгүбүздүн түпкүрүнөн түнөк тапканда гана биздин ишибиздин ийгилиги мезгилдин талабына шейкеш келет деп айтсак туура болоор.

«Кимдин колунда эмне болсо, ошону менен тарбиялайт, эмне куралы болсо ошону менен жазалайт» - деген сөз бар. Жазалоо оңой, бирок ал акыркы гана айла. Ибн Сина айткан тура: «Оорулууну биринчи сөз менен, андан соң дары менен, андай айла болбосо - скальпель менен дарыла» - деп. Бир сөз менен айтканда балдар тарбиялоонун, окууга кызыктыруунун, анын аңдап билүүсүн өнүктүрүүнүн куралы болгон балдар үчүн китептерди чыгарууну колго алсак, б.а. сөз менен дарылоого чындап маани берүүгө үйрөнсөк, ошого шарт түзсөк балдардын окууга, билим алууга болгон ынтызарлыгы жакшы болоор эле . . .

Бала жашаган үй бүлөдөгү психологиялык климат, үйдөгү - чыр чатактын же тескерисинче күндө майрам, күндө тойдун болушу, балага туура эмес талаптын коюулушу, мугалимдерге карата айтылган айрым бир ата- энелердин туура эмес сын пикирлери, балага контролдуктун жоктугу, сабакка даярдануу

үчүн атайын бурч же бөлмө, убакыт бөлүнбөгөндүгү, режимдин жоктугу, үйдөгү экономикалык тартыштык, окуу куралдарынын, окуу китептеринин, балдар үчүн китептердин жетишсиздиги ж.б. баланын окуусуна түздүн түз таасир этет.

Балдагы шык жөндөмдүн өнүгүүсүнө китептин түздөн - түз таасири бар экендигин улуу сүрөтчү Гапар Айтиевдин «Өзүм менен өзүм болуп, жетим сыяктуу жалгыз ойнойм. Сүрөттүү шапалактай жомок китепти көрүп калаган элем, ошондон уламбы, жерге, дубалдын бооруна, а түгүл очоктун боюна сүрөт тартам, сүрөт тартпасам колум кычышып турат» -- деген эскерүүсүнөн байкоого болот. ( К. Сактанов. Маркумдар үнү. Бишкек.1991. 19-бет)

Үйдө баланын окуу китептеринен сырткары өзүнүн китеп текчеси, анда анын окуй турган, сүрөтүн көрө турган китептеринин болушуна жетишүү мезгилдин өктөм талабы экендигин ар бир ата - эне түшүнүүгө мезгил жетти.

Б.Сарногоевдин:

Бир үй көрдүм Кочкордон,
Бир топ үйдүн алды экен.
Карап эле тургудай,
Кандай уста салды экен?
Килемге бай а, бирок
Китеп жактан жарды экен.
Жалпалактап үй ээси,
Жай сурашып отурду.
Кагып - силкет балдарын,
Каалашпайт деп окууну.
Китептери болбосо,
Килемдерин окуйбу? -

деген ыр саптары, баланын сабакты начар өздөштүрүүсүнүн негизги себептеринин бири экендигинен кабар бергендигин тануугa болбойт.

Ошондой эле айрым учурларда, курулай намызды бетке тутуп (себет жасоо, кийит үчүн акча сарптоо, үйгө конок келсе жок дегенде бир бутылка куюу, бир жерге кур барбай бирди колтуктай баруу ж.б.) мартбыз. Мейли ага эч ким каршы эмес. Ал эми балага бир бутылка арактын пулуна бир жылда бир жолу адабий китеп сатып бердиңизби ? -- деген суроого эмне деп жооп берер элек . . .

Ата- эне окуучуну каалабаса да, керектүү ишти иштөөгө өзүн көндүрүүгө жетишүүсү зарыл. Бул билгичтикти калыптандыруунун маанилүүлүгү ата-эне менен баланын ортосунда өз ара түшүнүшүү, сыйлашуу болушу шарт. Бала ата-эненин туура жардам берерине көзү жетсе, өзүлөрү макул болушат.

Ата - энелердин балага жасаган туура эмес мамилеси ага оор тиет (кээде тымызын көтөрүшөт), айрым учурда ачык эле баш тартышат.

Бала окуу ишине өзү дилгирленбесе, сиз аны мажбурлоого акыңыз жок. Элибизде «Мойнунан байлаган ит ууга жарабайт» деген сөз бекер айтылбаган чыгаар. Ошондуктан, ата-эне балага карата сыпаалыкты сактоого тийиш. Эгерде сиздин оюуңузча балаңыз же кызыңыз сабакка анча көңүлдөнбөй даярданган күндө да, сабакты чыр - чатак менен текшерип, көр жемеге алууга болбойт. Алар дайыма даяданууга ыкласы да, адаты да жок экени эсиңизде болсун, ошондуктан сиздин оюңузча начар жасалган иш окуучунун бүгүнкү мүмкүнчүлүгүнүн бардыгынча жасалбай калышы да ыктымал. Эгерде ошол дарамет жашынан төмөндөй көрүнүп калса, ага таң калбаңыз.

Аракетиңизден тез эле майнап чыгат деп күтпөңүз. Мындай укмуш оңою менен боло бербейт. Анткени баарын кыйналбай бүтүрө турган кезди сиз бир нече жыл мурда текке кетирип жибергенсиз. Эми эки эселеп иштөөгө туура келет ошого даяр болуңуз.

Жылыш сезилбесе, ындыныңыз өчпөсүн. Инсандын жаңы сапаттарынын калыптанышы акырындап өр таяп олтурат.

Баланын балакатка өтүшү б.а. психологиялык маанилүү жагдайга - эр жетүү сезиминин калыптанышын белгилөөгө туура келет. Ал эми өзүн бала сезбей, өзүнө чоң кишидей мамиле кыла баштайт. Өзүн чоң кишидей алып жүрүүгө аракеттенип, башкалардан да ошондой мамилени талап кылат. Мында адегенде өзүн чоң киши катары көрсөтүү сырткы турпатынан башталат. Сыртынан чоң кишиге окшошуу аракети көбүнчө ички эр жетүүдөн озуп кетет. Ушундан улам ынтымактуу үй бүлөдө да ата-эне менен балдардын ортосунда пикир келишпестиктер боло калат. Ата - эне тез эле өсө түшкөн бала же кызы али жаш бойдон сыяктанып, мурдагыдай эле башкара берет.

Балдар болсо өзүн чоң киши сезип, ата - эненин үйүрүлүп

түшө бергенин жактырбайт. Балаңыздын өз алдынча даярданганын көрүп туруп, ага көзөмөл жүргүзөйүн десеңиз, ал кашайып каршы чыгат, анткени мындай көзөмөл анын жашына ылайыксыз көрүнүп, ызалана түшөт. Мындай учурда көзөмөл кылам деп, чыр чатакты ырбатуу жарабайт. Окууда көпкө чейин жетишпегенине чүнчүгөн балдардын жүрөгүнө так калып калышынан этият болуу зарыл. Буга алдын ала даяр болуп, туталанбай, токтоо карап, абалды чыр - чатак, жазалоо же наалуу менен оңдоого аракетенбеш керек.

Тескерисинче, окуучунун мындай шалаакылыгына карабай, ага мурдагыдай эле ишене турганын, аны оңдоо керектигин бетке кармаган башка жолду тандоо оң натыйжа берет. Кичине ийгиликти болсо да колдоо, сөзсүз боло турган мүчүлүштүккө токтоо мамиле кылуу - ата- эненин мындай учурдагы багыты ушул болууга тийиш.

Мектеп менен үй-бүлөнүн ортосундагы байланышты чыңоо, болгондо да, иш кагаздарында эмес турмуштун өзүндө чыңоо зарыл. Анткени, мектептерде ата- энелер үчүн «ачык эшик» күнү, ата-энелер үчүн конференциялар, ата-энелер арасында педагогикалык пропоганданы жайылтуу иштери, педагогикалык практикумдарды өткөрүү, класс жетекчинин же предметчи мугалимдин баланын үйүндө болушу акыркы жылдары кандай абалда экендиги айтбасак да, белгилүү. Мектептерде ата-энелер университеттеринин иштөөсүнө колдоо көрсөтүү, ата-энелер арасында педгогикалык пропоганданы жайылтуу зарыл экендигин баса белгилөөгө туура келет. Анткени, ата-энелер чогулуштары жогоруда саналган байланыштардын функцияларын толук аткара албастыгы жашыруун эмес.

Айрым учурда баланын сабакты окугусу келбей калуусунун дагы бир себепкери болуп, анын досторунун тийгизген терс таасири эсептелет. Балага кызыккан предметине жараша ага ар түрдүү кошумча аттарды б.а. физиканы жакшы өздөштүргөн баланы Ньютон, химия сабагына кызыккан окуучуну биздин Менделеев ж.б. коюп келекелегенин мектеп турмушунан байкоого болот.

Ошондуктан, баланы окууга, билим алууга аң сезимдүү мамиле жасоого үйрөтүү зарыл.

Бүгүнкү күндөгү теле берүүлөрдүн санынын кескин

көбөйүшү, компьютердик оюндардын баланын убактысын алышы аларды китеп окуудан алыстатып койгондугу бир топ өкүнүчтүү.

Россияда жүргүзүлгөн бир социологиялык изилдөөдө - жашы жетпеген кылмышкер балдардын 90 пайызын кичинекейинен жомок окубаган, ыр билбеген, гезит - журналдарга кызыкпаган, сабакты начар өздөштүргөндөр экендиги белгилүү болуптур. Айтайын дегенибиз бала китептен алыстаган сайын, анын билим алууга болгон ынтызарлыгы сууй берери айдан ачык.

Окуу ишмердүүлүгү - баланын өмүрүнүн негизги мазмуну. Окуу аркылуу анын акылы өсөт, сөз байлыгы артат. Окуу - окуучунун негизги милдети. Ар бир окубаткан окуучу эртең мамлекетибиздин керектөөсү үчүн өз башын сайып коюп иштей турган инсан. Ар бирибиз ата-энелер, мугалимдер баланын окууга жана жаңылыктарды билүүгө умтулган сезимин ойготуп, анан аны ого бетер бекемдөөгө тийишпиз. Кимде ким кызыгып окуй турган болсо, ал чоң ийгиликке жетишерин бала аңдап түшүнүүсү зарыл.

В.А. Сухомлинский мындай деп жазат: «Окуудагы ийгилик - бул көркөмдөп айтканда, жакшы болгусу келүүнүн оту күйүп турган жүрөктүн толтосуна алып баруучу чыйыр жол». Окуудагы ийгилик үчүн күрөшүү - демек, балдарды окууга ар бирине өз мүмкүнчүлүгүнө ишенүүгө жардам берүү, уюшкандыкка, өз алдынчалыкка, жоопкерчиликке, эмгек тартибине үйрөтүү.

Ачка адам үчүн тамак кандай керек болсо, окуу да мына ушундай рухий биринчи талап болууга тийиш. Окууга болгон каалоо, китепке болгон каалоо, китеп барактарына тигилип отурууну, ой жүгүртүүнү билүү мына ушундай керек.

Баланы мектепке психологиялык жактан даяр эмес келиши анын окуусуна түздөн түз таасир этет. Ошондуктан баланы мектепке окууга психологиялык жактан даярдоо учурдун актуалдуу проблемаларынын бири болуп эсептелет.

Ар бир ата-эне өзүнүн баласынын жакшы окуусун каалайт, бирок бардык эле ата-эне баланы мектепке окууга психологиялык жактан даярдайт, зээндүү болушуна кам көрөт деп айтуу кыйын.

Санкт-Петербургдун Петроград районунудагы психоло - педагогикалык «Ден соолук» борборунун адистери беш жылдан

ашуун убакыт жалпы билим берүүчү мектептердин окуучуларынын билим алуудагы кыйынчылыктарынын себептерин жана аларды жеңилдетүүнүн жолдорун изилдеп келе жатышат.

2000 ден ашык сабакты начар өздөштүргөн окуучуларга азыркы диогностиканыны усулдары, жаңы диогностикалык аппараттардын жардамы менен изилдөө жүргүзүшкөн. Изилдөөнүн натыйжасында балдардын көпчүлүгү тубаса зээндүү эместигине, окуу процессине психологиялык жактан даяр эмес келгендигине күбө болушкан. Ошондуктан балдарды мектепке чейинки мезгилде үй бүлөдө мектепте окууга психологиялык, социалдык жактан даярдоо зарыл.

Бул проблеманы чечүү ата-энелердин негизги милдети болуп эсептелет жана энелердин чоң чыдамкайлыгын, жоопкерчилигин талап кылуучу көп жылдык чымырканган жумушту талап кылат.

Психологиялык жактан даярдоо - бул баланын мектепке болгон ынтызарлыгын же психологиянын тили менен айтканда окууга болгон кызыгуусун арттыруу, баамчылдыкка, көрөгөчтүккө үйрөтүү. «Баамчылдыкка, көрөгөчтүккө үйрөтүлгөн окуучулардан мугалим акылдуу, күтүлбөгөн «философиялык» суроолорду угат» – деп жазат улуу педагог В.А.Сухомлинский.

Балада суроолор канчалык көп болсо, анын билими, ой жүгүртүүсү ошончолук терең болот. Ошондой эле окуучу ой жүгүрткөн кезде гана билимди бекем өздөштүрө алат. Баланын ойлоо жөндөмдүүлүгүн өстүрбөй туруп, аны сабакка кызыктыруу мүмкүн эмес. Баланын ойлоо жөндөмдүүлүгүн өстүрүү мектепке чейинки мезгилге таандык. Баланы мектепке окууга психологиялык жактан даярдоону канчалык эрте баштасак, окууга болгон ынтызарлануу ошончолук эрте калыптанат.

Көпчүлүк учурда бала темадагы негизги ойду бөлүп ала албайт да, механикалык түрдө жаттого аракет кылат же б.а. балада элестүүлүк пайда болбойт. Айталы, математика сабагында көбөйтүүнүн жадыбалын балага жататтуу практикаланып жүрөт. Курулай жаттатуунун ордуна элестүү сабак өтүү эффективдүү болору белгилүү. М: Эгер болсо, бир улакта эки кулак,

Анда болот эки улакта канча кулак?
Үч улактачы?
Төрт улактачы?

............ ж.б.

Же болбосо адабият сабагында бала жомоктун негигзги мазмунун айтууда каармандардын сүрөттөлүшүн биринчи орунга коюшат да, окуянын жүрүшүн ырааттуу айта алышпайт. М: сулуу кыздын сүрөттөлүшү «бели кындай, бети айдай» дегенди кээде «бели айдай, бети кындай» менен чаташтырышат. Натыйжада билим алууга кызыгуу төмөндөп кетиши мүмкүн.

Ар бир мугалим сабагында окуу окуучулар үчүн кызыктуу болушун каалайт. Кантип кызыктуу өтүү керек? Сабактын баардыгы эле кызыктуу болушу мүмкүнбү? Кызыгуунун булагы эмнеде? - деген суроолорго В.А. Сухомлинский «Сабак кызыктуу жүрүп жатат деген – бул, демек окуу, ой жүгүртүү окуучунун көңүлүнүн эргиши, толкунданышы менен ачылып жаткан чындыктын алдында таңдануу, кээде ал түгүл айран калуу менен, өзүнүн акыл күчтөрүн баамдоо жана сезүү менен, чыгармачылык аракет менен, адамдын акыл эсинин жана эркинин улуулугуна сыймыктануу менен коштолуп жүрүп отурат дегендикке жатат . . . » - деп жооп берет.

Мектеп окуучусунун окуу ишине жөндөмдүүлүгүнүн начардыгы, көңүл буруусунун туруксуздугу анын сабакты начар өздөштүрүүсүнүн башкы себептеринин бири экендиги белгилүү. Баланын көңүл буруусунун үй-бүлөдө атайын көнүгүүлөрдүн жардамы менен тарбиялоо талапка кылынат

Балдардын окууга ыклас койбогондугунун дагы бир себеби алардын окуу ишкердиги кандайдыр бир чоң кемчиликтер менен коштолгондон улам болот. Балким, алар окуу маселеси же өздөштүрүү предметин ажырата билбейт, а балким, туура иштөө ыкмалары жок, же көзөмөлдө жана өзүнө өзү баа берүү калыптанган эмес. Бир сөз менен айтканда, жогорку класска жетсе да алар чындап окуганды билбейт. Дайыма жетишпеген соң, таптакыр окугусу келбеген да ушундан.

Чындыгында эле окуудагы психологиялык тымызын кыйынчылыктар көп учурда окуучунун ындынын өчүрүп жиберет. Ошого кабылган бала эмне болуп жатканына башы жетпей маң болот. Ал канчалык аракеттенсе да, окуусу оңунан чыкпаган соң, ындыны өчө баштайт. Мунун себебин ал түшнбөйт, демек окуучу ушул жан кейиткен абалдын кантип кутуларды да билбейт. Өз күчүнө ишенбей ындыны таптакыр өчүп калат. Ошондон улам майнап чыкпаган ишке кол шилтеп салат.

Башталгыч класстарда класстан класска эске туткучтугу менен көчүп жүрүп отурган окуучуларды кезиктирүүгө болот. Сабактан эмне укса, сөзмө сөз эстеп калат. Жалаң эске тутуусу менен көчүп отурган бала, окуунун ыкмаларын деги эле окуй билүү деген түшүнүккө сыйгандардын баарын өздөштүрө албай калат. Анан класстан класска көчкөн сайын материалдын көлөмү көбөйүп, оордоп аларды жалаң этеп калуу менен өздөштүрүүгө мүмкүн болбой калат.

Ошентип, бала каалаган эмес, керектүүнү жасоого үйрөтүлбөгөндүктүн натыйжасында, экинчиден окуу ишкердигинин кемчилдиктери же калыптанбагандыгы баланын окугусу келбей калуусуна себепкер болот . . .

Сөзүбүдүн акырында кымбаттуу ата-энелер, баланы начар баа алгандыгы үчүн жазалоого шашылбаңыз. Жазалоодон мурда анын эмне үчүн сабакка даяр эмес экендигине саресеп салып көрүңүз. Аны менен жекече сүйлөшүңүз. «Тарбиялануучуңуздун көзүнөн анын жан дүйнөсүнүн назик кыймылын көрө билиңиз. Аны менен жалгыз калуу жолун табыңыз. Миңдеген сөздөрдүн арасынан бирден бир асыл сөз табыңыз, ал сөз кылдаттык, акылдуулук, сылыктык менен тарбиялануучуңуз сырын ачып берүүгө түрткү бергидей болсун.

Эгерде адам сизге сырын айтса, бул тарбиялык ишиңиздин чоң ийгилиги. Мен эгер кабагы бүркөө, түнт өспүрүмдү көрсөм жүрөгүм титирейт. Ал үчүн эң коркунучтуу кайгы, өзүн кем сезгендигинде: башкаларга билим жугат да, мага эмнегедир жукпайт, деги жолум болбоду, тагдыр мага ушуну жазган экен дешет. Бул кайгы күн санап топтолуп, жүрөктү мыжыгат, көкүрөктү зил басат. Өспүрүм кайгысын бөлүшкүсү келет, бирок уялат да, унчукпайт, үйүндө да мектепте да унчукпайт.

Кесиптеш, кээ бир тарбиялануучуңузду байкап көрүңүз да, аны майыштырган оордуктан кутулууга жардам бериңиз. Баарыдан мурда ага кубаныч тартууланыз: алар өз ийгилигин билимге ээ болуудан көргүдөй жана ага сыймыктангыдай болсун» – деген В.А.Сухомлинскийдин сөздөрү сиздин жүрөгүңүздүн тереңинен орун алышын калаар элек.

Колдонулган адабияттар

. ( К. Сактанов. Маркумдар үнү. Бишкек.1991. 19-бет)